Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын Кеңешинин
токтому менен бекитилген
№ 01-22/ ______
"__" ______ 2024-ж.

# 2022-жылга карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө
# Отчет

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 25-майындагы №06-1/446 буйругуна ылайык, аудитор А.Т. Байгазаковтун жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Т.А. Асанбеков, М.М. Калмуратов, А.А. Шамшиев, мамлекеттик инспекторлор Н.А. Кайимов, А.А. Аттокуров, Ф.К. Мухажанова, Жениш кызы Н., Турдубай уулу Т. жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн мамлекеттик инспекторлору тарабынан 2022-жылга карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит объектиси:** ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит объектиси болуп Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги (мындан ары – Министрлик) эсептелет.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жетекчилиги бюджеттик жана атайын каражаттардын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга жоопкерчилик тартат.

**Аудиттин милдети**

Аудиттин милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде, Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринин ишинин мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келишине карата өз алдынча корутундуга (жыйынтыкка) келүүсүндө турат.

Аудит жыйынтыкты тастыктаган жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Аудитте чогултулган далилдер бул отчетто жазылган жыйынтыкты чыгаруу үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүү болуп саналат.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, укукту белгилөөчү ченемдик документтерде бекитилген милдеттерге жана максаттарга Министрликтин ишинин шайкеш келишин изилдөө болуп эсептелет.

- бюджеттик чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы жана атайын эсептик каражаттардын кирешелер жана чыгашалар сметасынын аткарылышына аудит;

- штаттык бирдиктин түзүлүүсү;

- эмгек акыны эсептөөнүн жана берүүнүн негиздүүлүгү;

- иш сапар чыгымдарынын ченемдерин жана аларды кайтаруу тартибин сактоо;

- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун сактоо;

- негизги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, товардык - материалдык баалуулуктардын (ТМБ) ченемден ашык запастарына жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- капиталдык жана кезектеги оңдоо иштерине кеткен чыгымдарга аудит;

- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы.

**Аудиттин критерийлери**

Бюджеттик жана атайын каражаттарды пайдалануу боюнча мыйзамдарга шайкештигин баалоо критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө” жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №13 “Саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №489 “Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги №194 токтому менен бекитилген “Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө” жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы №354 буйругу менен бекитилген “Саламаттык

сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин тарификациясын жүргүзүү тартиби жөнүндө” нускамасы.

**Иштерди аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29 – мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө Колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерине ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ишине тиешелүү болгон ченемдик-укуктук актылар, ошондой эле ички нормативдик документтер колдонулду. Тобокелдиктин белгиленген деңгээлдеринин негизинде, аныкталган тандоо көлөмүнө ылайык маселелердин аудити жүргүзүлдү.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- *Биринчи кол коюу укугу менен:* Министрлер: 2023-жылдын 07-сентябрына чейин Г.М. Баатырова, 2023-жылдын 13-сентябрынан тартып ушул кезге чейин А.С. Бейшеналиев;

*Экинчи кол коюу укугу менен*: Финансы саясаты башкармалыгынын начальниги: 2022-жылдын 11-февралынан тартып ушул кезге чейин А.А. Раимбаева.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин натыйжасында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бюджеттин аткарылышы маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

**Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун аткарылышы**

2021-жылдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген (03.12.2022-жылдагы №01-20/7) **жазма буйруктун** 27 пункутунан – 21 пункуту аткарылган, 2 пункуту (5 жана 14) жарым-жартылай аткарылган жана 4 пункуту (1, 2, 3 жана 21) аткарыла элек.

**Аткарылган эмес:**

Пункт 1. 2019-2020-жылдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйрукту (1.1, 1.2, 4.1, 5.1, 5.2, 5.3, 5.4, 13.1, 14.1- пунктчалары) жана сунуштаманы аткаруу камсыздалсын. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2019-2020-жылдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген сунуштаманын аткарылбаганы жана жазма буйруктун толук аткарылбаганы боюнча жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Пункт 2. Саламаттык сактоо мекемелеринин типтүү штаттары жана штаттык ченемдери иштелип чыгып, белгиленген тартипте бекитилип берүү камсыздалсын.

Пункт 3. Ош облустук соттук-медициналык экспертөө борбору, Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору, Ош областтык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык борбору, №115 “Наристе” бала бакчасы мекемеси, “Ош облусттук Адам репродукция борбору”, Нарын облусттук соттук-медициналык экспертиза бюросу, Кара-Балта медициналык колледжи, Ош облустук санитардык машиналардын автобазасы, “Алтын Балалык” ден-соолукту калыбына келтируу борбору, Токмок шаарынын Республикалык адистештирилген борбордук нерв системасы жабыркаган жана психикасы бузулган балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо борбору, Кара-Суу райондук орууларды алдын алуу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, Ош областтык соттук-медициналык экспертөө борбору, Ош областтык СПИДке каршы күрөшүү жана алдын алуу борбору, Ысык-Көл областтык СПИДке каршы күрөшүү жана алдын алуу борбору, Ысык-Ата райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, Бишкек шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөл борбору, КР Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы жыйынтыктарга негизделген баштапкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу программасында, Саламаттык сактоону өнүктүрүү жана медициналык технологиялар борбору – ведомстволук мекемелери боюнча:

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин эмгек акы төлөмдөрүн аныктоодо бузууларга жол берген мекемелердин жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана бул бузууларды болтурбоо боюнча тийиштүү иш чара алып барылсын.

Пункт 21. *Ден-соолукту чыңдоо жана массалык коммуникациянын республикалык борборуна*: 51,8 миң сомго ашыкча каржылоонун себептерин талдап, анын жыйынтыгы боюнча бюджетке чегерүү жагы каралсын.

**Жарым-жартылай аткарылган:**

Пункт 5. *Саламаттык сактоо министрлигинин Борбордук аппаратына* тиешелүү тастыктоочу документтери жок иш-сапар чыгашалары беренеси боюнча эсептен чыгарылган 86,2 миң сомго акча каражаты боюнча тийешелүү иш чара жүргүзүлсүн, анын жыйынтыгы боюнча калыбына келтирүү маселеси каралсын.

Пункт 14. *“Алтын Балалык” ден-соолукту калыбына келтирүү борбору.*

14.1 Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине кирбеген калкка жатакана кызматы көрсөтүлгөндүгү үчүн алынган 259,5 миң сом киреше бюджетке которулсун.

14.3 КР Саламаттык сактоо министрлигине мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестрине, акы төлөнүүчү калкка жатакана кызматын көрсөтүүнү киргизүү боюнча сунуш киргизилсин.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине – 03.02.2023-жылдагы № 01-20/6 **Сунуштама** жөнөтүлгөн, 30 пункуттун ичинен – 18 пункту (1, 4–5, 8, 12–13, 15–20, 22 жана 24–28) – аткарылган, 3 пункуту (6, 10 жана 14) – жарым-жартылай аткарылган жана 9 пункуту (2–3, 7, 9, 11, 21, 23, 29 жана 30) – аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

2021-жылдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча (03.12.2022-жылдагы №01-20/7) берилген жазма буйрук (1, 2, 3, 5, 14 жана 21-пункуттары) жана (03.12.2022-жылдагы № 01-20/6) сунуштама (2, 3, 6, 7, 9, 10, 11, 14, 21, 23, 29, 30) толугу менен аткаруусу камсыздалсын. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2021-жылдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктун толук аткарылбагандыгына жоопту кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Медицинанын жогорку технологиялуу (кымбат баалуу) түрлөрү боюнча фонддун (ЖТФ) каражаттарынын түзүлүшүнө жана пайдаланышына талдоо

ЖТФтин каражаттарынын эсебинен медициналык жардам калкка Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 11-майындагы №288 токтому менен бекитилген Жогорку технологиялык жана кымбат баадагы медициналык жардам түрлөрүнүн тизмесине ылайык сунушталат.

Региондор боюнча квота кызмат көрсөтүүлөр менен жабдуучулардын маалыматына ылайык, жалпы билдирилген санга жараша ар бир областы, Бишкек жана Ош шаарларында бейтаптардын үлүшүнө жараша медициналык кызматтардын жогорку технологиялык (кымбат баадагы) түрлөрү боюнча аныкталат.

ЖТФтин каражаттарын региондор боюнча саламаттыкты сактоо уюмдарына жараша квота эксперттик комиссия тарабынан белгиленет.

Маалымат боюнча каражаттар 2022-жылга 397 500,0 миң сомго бекитилген, 448 600,0 миң сомго такталган жана касса чыгымдары 446 993,1 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Аныкталды:** Мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган контракттын өзгөчө шарттарында жана аткаруучу жеткирип берүү мөөнөтүн бузган учурда тапшырыкчы (Заказчик) Аткаруучудан кечиктирилген ар бир күн үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын 0,1%-5,0% өлчөмүндө айып (туум) төлөөнү талап кылууга укуктуу экендиги белгиленген. Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү келишимдерине ылайык жөнөтүүчү товардын мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн жоопкерчилик

тартат жана сатып алуучуга ар бир мөөнөтү өткөн күн үчүн 0,1%-5% өлчөмүндө туум төлөйт.

**Корутунду:** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө сатып алуу процессине жетишээрлик көзөмөл кылынбайт, бул сатып алуучу уюм жеткирүүчүлөргө жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн айып туумдарын колдоно албагандыгы сыяктуу натыйжаларга алып келген, анын натыйжасында эсеп менен **1 554,9 миң сом** суммасында айып туумдары кармалган эмес жана талап кылынган эмес.

**Сунуштама:** жөнөтүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдердин шарттарында каралган, жалпы эсеп менен 1 554,9 миң сом суммасында айып туумдарын өндүрүү жана тийиштүү бюджеттин эсебине которуу камсыздалсын.

**Аныкталды:** Аудиттин жүрүшүндө медикаменттерди жеткирүү мөөнөттөрү бузулган учурда айып санкциялары Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институту тарабынан максималдуу түрдө, башкача айтканда контракттын суммасынан 2% өлчөмүндө, Академик М. Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору – 0,1% дан 2% га чейин, Ош облустук онкологиялык борбору – 5,0%, Улуттук Госпиталь – 0,1%, Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасы – 5,0%, Ош облустар аралык балдар клиникалык ооруканасы - 2,0%, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору -5,0% өлчөмүндө колдонулгандыгы аныкталган.

Талдоо көрсөткөндөй, саламаттык сактоо уюмдарында айып санкцияларды колдонууда бирдиктүү мамиле жок экендиги аныкталды.

**Корутунду:** Саламаттык сактоо уюмдарында медикаменттерди жеткирүү мөөнөттөрү бузулган учурда айып санкцияларды колдонууда бирдиктүү мамиле жок экендиги аныкталды.

**Сунуштама:** Медикаменттерди жеткирүү боюнча контракттарды түзүүдө, алардын мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн айып санкцияларды колдонуунун бирдиктүү механизмдери иштелип чыксын.

**Аныкталды:** Анализ көрсөткөндөй, 2022-жылга сатылып алынган кымбат баалуу дары-дармектер 2022-жылы толук пайдаланылган эмес. 2022-жылдын өтүнмөсү (заявкасы) боюнча сатып алынган дары-дармек каражаттары 2023-жылдын 1-сентябрына карата медициналык мекемелердин кампаларында 184 838,5 миң сом суммасында аныкталган же башкача айтканда, дары-дармек каражаттарынын калдыгы 2022-жылга сатып алынган дары-дармек каражаттарынын жалпы көлөмүнүн 20,3%ын түзөт.

Жогоруда баяндалгандардан улам, медицина мекемелери тарабынан ЖТФ линиясы боюнча жашоого маанилүү медикаменттерди пландаштырууда иш жүзүндө керектөөгө караганда медикаменттердин жогорулатылган көлөмүн пландаштырууга жол берилген, бул 2022-жылга белгиленген квотага ылайык пландаштырылган медикаменттердин жыл аягында медицина мекемелеринин кампаларында калган медикаменттердин көлөмүнүн көп болушуна алып келди.

**Корутунду:** Бул жагдайлар бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдаланууга алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда медикаменттерди туура пландаштыруу учурунда жогоруда аталган медикаменттердин акча каражаттары калктын социалдык жактан аярлуу катмары муктаж болгон башка турмуштук маанилүү медикаменттерди сатып алууга багытталышы мүмкүн болчу.

**Сунуштама:** Медикаменттердин иш жүзүндө керектөөлөрүн эске алуу менен ЖТФ линиясы боюнча турмуштук маанилүү медикаменттерди керектөөгө жана пландоого кылдат талдоо жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары боюнча каражаттарынын түзүлүшүнө жана пайдаланылышына талдоо**

КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары боюнча жобо КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин 29.03.2012-жылдагы №153 буйругу менен бекитилген. Жобого ылайык, борборлоштурулган иш-чаралар – бул борборлоштурулган сатып алууларды, капиталдык оңдоо камсыздаган, демилгелөөчү программаларды төлөө иш-чаралары жана башка иш-чаралар. Борборлоштурулган иш-чаралардын ишинин негизги принциби катары каржылоо көлөмүнүн ачык-айкындуулугу, каражаттардын максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланылышы саналат. Борборлоштурулган иш - чараларга чыгымдар Министрлик аркылуу ишке ашырылат:

- Министрлик тарабынан кызмат көрсөтүүчүлөр менен түзүлгөн контракттар үчүн төлөө;
- саламаттыкты сактоо уюмдарынын конкурстун жеңүүчүлөрү-кызмат көрсөтүүчүлөр менен түзүлгөн контракттар боюнча төлөө.

Борборлоштурулган иш-чаралар үчүн каралган каражаттар бекитилген сметага ылайык чыгымдалат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-августундагы №570 «Алыскы райондордо, чакан шаарларда жана айыл жерлеринде саламаттыкты сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерди кошумча демилгелөө иш-чаралары жөнүндө» токтомуна ылайык, Саламаттыкты сактоо министрлигинин Борборлоштурулган иш-чараларынын эсебинен «Эмгек акы» статьясы боюнча «Дарыгер депозити» программасы боюнча иштеген жаш дарыгерлерге төлөөгө каражаттар каралган. Аудиттелген мезгил аралыгында программада орточо жыл ичинде 40 дарыгер катышып, жыл ичинде 480 дарыгердин санын түзгөн жана 18 580,0 миң сом акча каражаты жумшалган.

Эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган Министрликтин алдындагы өнүктүрүү долбоорлорунун консультанттардын эмгегине төлөөлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-августундагы №562 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан каржыланган долбоорлорду даярдаган жана жүзөгө ашырган кызматкерлердин эмгегине төлөө шарттары жөнүндө (кредиттер жана гранттар)” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №371 “Эл аралык финансылык уюмдар жана донор өлкөлөр тарабынан

каржыланууучу долбоорлорду даярдоого жана ишке ашырууга катышкан кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдоруна ылайык жүргүзүлөт.

2022-жылга борборлоштурулган иш-чаралар боюнча бекитилген чыгымдар 635,4 млн сомду түзгөн, 451,1 млн сомго көбөйтүү менен 1 086,5 млн сомго чейинки чыгымдар такталган, факт жүзүндө 740,9 млн сомду түзгөн.

**Аныкталды:**

Борборлоштурулган иш - чаралардын алкагында сатып алууларды жүргүзгөн Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде 2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 22-беренесинин 5-пункту аткарылган эмес.

Берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу акча каражаттары 7 (жети) жумуш күндөн кечиктирилип кайтарылып берилген*: **Республикалык кан борборунда, Улуттук госпиталында.***

**Аныкталды:**

Борборлоштурулган иш - чаралардын алкагында сатып алууларды жүргүзгөн Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде 2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 29-беренесинин 2-пункту аткарылган эмес.

Сатып алуучу уюм/Агент жүргүзүлгөн тандоо жөнүндө маалымат веб-порталда жарыяланган күндөн тартып 8 (сегиз) жумуш күндөн кечиктирилип, жеңип алган берүүчү менен келишимге (контрактыга) кол койгон, бул: ***Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда жана Республикалык кан борборунда.***

**Аныкталды:** ***Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда:*** Биохимиялык изилдөөлөр жана сарпталуучу материалдар үчүн реагенттерди алуу (вакутайнерлер, учтар, ийне көпөлөк, салфеткалар, автоклав үчүн каптар, кол каптар, маскалар, халаттар, бахилдер, шапочкалар, санипласт, шприц, ДП 2т, дец. каражат)- (Лот 008-01, 009-01) конкурстук документеринде, конкурстук комиссиянын чечими менен жеңүүчү Медикал Трейд ЖЧКасынын документтеринин төмөндөгү кемчилдиктери аныкталган (“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 26 – беренеси): Финансалык отчеттун тиркемелери жок, Мамлекеттик салык кызматынын сайтында жеткирүүлөр боюнча маалымат жок, сайтта берилген маалымат: ИНН: 00409202010282 Аталышы: "Медикал трейд" жоопкерчилиги чектелген коому, КНС боюнча каттоо: 01.03.2021-ж. Акыркы жолу КНС боюнча отчет берилген салык мезгили: 01.05.2023-31.05.2023-ж. Эсеп-фактура боюнча маалымат жок. Ошондой эле берилген келишимдерде аткарылган иштердин кабыл алуу актылары жок. Ошол эле учурда, Медикал Трейд ЖЧКасы жеңүүчү катары табылган.

**Корутунду:**

1. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптары аткарылган эмес (26-берене).

2. Жогоруда белгиленген шайкеш келбестикке карабастан, конкурсттук комиссия тарабынан жеңүүчү катары Медикал Трейд ЖЧКасы табылган.

**Аныкталды:** №221006350981509 Лоттор 015-01, 001-01 конкурстук документеринде, конкурстук комиссиянын чечими менен жеңүүчү Байсар и Ко ЖЧКсынын документтеринин төмөндөгү кемчилдиктери аныкталган: 2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункуту аткарылган эмес. Байсар и Ко ЖЧКсы тарабынан 2021-жылга киреше жок деген отчет берилген.

**Корутунду:** Жогоруда белгиленген шайкеш келбестикке карабастан, конкурсттук комиссия тарабынан жеңүүчү катары Байсар и Ко ЖЧКасы табылган.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Бюджеттик жана атайын каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы боюнча**

“2022-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин бюджети **8 732,8 млн сом** суммасында бекитилген, анын ичинен:

- бюджеттик каражаттар – 4 206,7 млн сом (жалпы бюджеттен 48,2 %);
- атайын каражаттар – 2 041,6 млн сом (23,4 %);
- өнүгүү бюджети (Мамлекеттик инвестициялык долбоорлор-МИД) – 2 484,5 млн сом (28,4 %).

2022-жылга Министрликтин такталган бюджети бекитилген параметрлерден 380,5 млн сомго же 4,3 %га азайуу менен, 8 352,3 млн сомду түзгөн.

Аткарылышы 7 846,5 млн сом суммасында же бекитилген бюджетке салыштырмалуу кассалык чыгымдарды аткаруу 89,8%ды түзгөн, такталган бюджетке салыштырмалуу – 93,9%.

Толук аткарылбай калышы негизинен бюджеттик каражаттардын эсебинен болду. Республикалык бюджеттен алынган ассигнованиелердин аткарылбай калышынын негизги себептери төмөнкүлөр:

- 33 даана медициналык тез жардам унааларын жеткирүү 2022-жылдын декабрь айынын аягында болгондугуна байланыштуу, төлөм 2023-жылга жылдырылган;

- Кыргыз Республикасынын көзөмөлүнөн тышкаркы жагдайларга байланыштуу 33 медициналык тез жардам автоунаалары өз убагында алынып келинбей калгандыгына байланыштуу;

– 1 млрд. сом дары-дармек каражаттарына бөлүнгөн каражаттарды өздөштүрүү жыл аяктап калганына байланыштуу 2023-жылга жылдырылган,

контракттар жалпысынан 707,7 млн сомго (70,7%) түзүлүп, өткөрүлгөн конкурстар боюнча жалпы үнөмдөө 292,3 млн сомду түзгөн, үнөмдөлгөн каражаттарды өздөштүрүү 2023-жылга пландаштырылган.

**Эмгек акы жана башка төлөмдөр боюнча талдоо**

**Аныкталды:**

"Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августунда №474 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жободо жана "Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинде" (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) компьютерлерде иштөөдө оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөр жокко чыгарылган.

Бирок, кошумча төлөмдөрдүн жокко чыгарылганына карабастан төмөндөгү Министрликтин ведомстволук мекемелеринде компьютерлерде иштөөдө оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн:

- ***Кара-Кочкор жандандыруу жана калыбына келтирүү борборунда*** – 12,2 миң сом, ***Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** – 12,4 миң сом, ***Кара-Суу району боюнча ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** – 12,4 миң сом, ***Адамдын репродукциясы боюнча кыргыз илимий борборунда*** – 70,3 миң сом, ***Борбордук нерв системасы жабыркаган жана психикасы бузулган балдарды жана үй-бүлөлөрдү реабилитациялоонун республикалык адистештирилген борборунда*** – 190,7 миң сом, ***Республикалык соттук-медициналык экспертиза борборунда*** – 13,3 миң сом, ***Ош шаардык балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо борборунда*** - 1287,2 миң сом, ***Ош облустук адам репродукциясы борборунда*** – 26,6 миң сом, ***Ош облустук соттук-медициналык экспертиза борборунда*** – 93,1 миң сом, ***Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** – 26,7 миң сом, ***Чоң-Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** – 39,3 миң сом, ***Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда*** – 27,7 миң сом, ***Ноокен район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** – 4,1 миң сом, ***Кадамжай район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда*** – 38,8 миң сом, ***Республикалык кан борборунун Баткен облустук филиалында*** – 46,0 миң сом, ***Баткен областтык соттук-медициналык экспертиза бюросунда*** – 3,8

миң сом, ***Жети-Өгүз район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** 95,1 миң сом, ***И.Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинде*** – 10,0 миң сом, ***Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борборунда –*** 97,1 миң сом, ***Автобазада*** – 41,7 миң сом, ***Ысык-Ата район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** 77,1 миң сом, ***Кыргыз курортология жана калыбына келтирип дарылоо илим-изилдөө институтунда –*** 74,0 миң сом.

**Корутунду:** Министрликтин ведомстволук мекемелеринде компьютерлерде иштөөдө оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөр, кошумча төлөмдөрдү жүргүзүү тиешелүү токтом менен жокко чыгарылганына карабастан **2299,6 миң сомго** жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө" токтомунун компьютерлерде иштөөдө оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө бөлүгү сакталбай, кемчилдиктерге жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 3-сентябрындагы №1217 буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын админстративтик-башкаруучу жана тейлөөчү кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндөгү буйругунун талаптары бузулган.

Аудит камтыган мезгил аралыгында төмөндөгү Министрликтин ведомстволук мекемелеринде административтик-башкаруу жана тейлөөчү кызматкерлердин ашыкча кармалганы аныкталган: ***Ош атайын ооруканасында*** - 8,7 штаттык бирдик, же 1036,1 миң сом, ***Кара-Суу району боюнча ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** - 3,0 штаттык бирдик, же 578,1 миң сом, ***Жалал-Абад областтар аралык ден-соолукту калыбына келтирүү "Бакыт" борборунда*** - 3,0 штаттык бирдик, же 265,2 миң сом, ***Базар-Коргон райондор аралык ден соолукту калыбына келтирүү борборунда –*** 1,5 штаттык бирдик, же 360,3 миң сом.

**Корутунду:** Министрликтин ведомстволук мекемелеринде административтик-башкаруу жана тейлөөчү кызматкерлердин жалпы 16,2 штаттык бирдикке, же **2239,7 миң сомго** ашыкча кармалган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын админстративтик - башкаруучу жана тейлөөчү кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө" 2021-жылдын 3-сентябрындагы №1217 буйругунун талаптарын сактабай, административтик-

башкаруу жана тейлөөчү кызматкерлерди ашыкча кармоого 2239,7 миң сом сарпталганга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтомунун 4 пункутун бузуу менен төмөндөгү Министрликтин ведомстволук мекемелеринде жумуш орундарын аттестациялоосуз жана ыйгарым укуктуу органдын корутундусуз оор жумуштар жана эмгек шарттары зыяндуу же кооптуу жумуштар үчүн кошумча акы төлөнгөн:

***Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** 511,8 миң сом, ***Чоң-Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** 318,4 миң сом, ***Ош шаардык мүмкүнчүлүгү чектелген жана таяныч-кыймыл аппаратынан жабыркаган балдар үчүн реабилитациялык борборунда -*** 1475,4 миң сом, ***Ош облустук санитардык автоунаа базасында*** – 32,2 миң сом.

**Корутунду:** Министрликтин ведомстволук мекемелеринде жумуш орундарын аттестациялоосуз жана ыйгарым укуктуу органдын корутундусуз оор жумуштар жана эмгек шарттары зыяндуу же кооптуу жумуштар үчүн жалпы **2337,8 миң сомго** кошумча акы төлөнгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтомунун жумуш орундарын аттестациялоосуз жана ыйгарым укуктуу органдын корутундусуз кошумча акы төлөмдөргө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 15-пунктунда атайын эсептин каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо штаттык санды күтүү боюнча чыгаша милдеттенмелерине жумшалбайт деп көргөзүлгөн.

Бирок, аудит камтыган мезгил аралыгында төмөндөгү Министрликтин ведомстволук мекемелеринде атайын эсептин каражаттарынын эсебинен штаттык санды күтүү боюнча чыгаша милдеттенмелерине жумшалган: ***Ош облустук кан менен контакттуу вирустук гепатит жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусуна каршы күрөшүү борборунда –*** 9 штаттык бирдик же 867,8 миң сом жана ***Тогуз-Торо райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда –*** 1 штаттык бирдик 22,8 миң сом.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун штаттык санды күтүү боюнча талаптары аткарылбай, атайын эсептин каражаттарынан штаттык санды күтүүгө **890,6 миң сомго** чыгымдарга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун штаттык санды күтүү боюнча талаптары аткарбаган жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 39-пунктуна ылайык, ар бир кызматкердин эмгекке катышуу коэффициентин аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги бекиткен форма боюнча эмгек паспорту толтурулат деп көргөзүлгөн.

Аудит камтыган мезгил аралыгында төмөндөгү Министрликтин ведомстволук мекемелеринде белгиленген тартипте эмгек паспортторун толтурбастан кошумча төлөмдөр төлөнгөн: ***Чоң-Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** 2511,8 миң сом жана ***Ош шаардык мүмкүнчүлүгү чектелген жана таяныч-кыймыл аппаратынан жабыркаган балдар үчүн реабилитациялык борборунда –*** 1873,4 миң сом.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 39-пункту сакталбастан, же министрликтин ведомстволук мекемелеринде ар бир кызматкердин эмгекке катышуу коэффициентин аныктоо үчүн белгиленген тартипте эмгек паспорттору толтурулбастан, жалпы **4385,2 миң сомго** кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 39-пункуту бузулуп, 4385,2 миң сомго кошумча төлөмдөргө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды: Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун түштүк филиалында:** 2022-жылдын июнь айында дарыгерлердин күнүнө карата бир айлык эмгек акы өлчөмүндө, Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун түштүк филиалынын негизги кызматкерлерине **225,9 миң сомго** сый акы төлөп берүүгө каражат жумшалган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун 32-пунктунда кызматкерлерге сый акы берүү эмгек акы фонду боюнча үнөмдөө болгондо жүргүзүлөт деп белгиленген.

**Корутунду:** Үнөмдөлгөн акча каражатын такталбай жана аныкталбай сый акы берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун сый акы берүү бөлүгүндө сакталбай, кемчилдиктерге жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды: Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда:** 2022-жыл үчүн тарификациялык тизмени түзүүдө эмгек акы 2313,5 миң сомду түзгөн, 2022-жылга бюджетти түзүүдө, эмгек акы төлөөнүн шарттарына ылайык эмгек акы чындыгында 2276,1 миң сомго эсептелип бекитүүнүн ордуна 2313,5 миң сомго бекитилген, же эмгек акы беренесине 449,4 миң сомго, социалдык фондго чегерүү беренесине 77,5 миң сомго ашыкча бекитилген. 2022-жылдын июль айында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо Министрлигинин 2022-жылдын 29-июнундагы №785 буйругунун негизинде эмгек акы төлөө фондун үнөмдөөнүн эсебинен медицина кызматкерлеринин күнүнө кызматтык эмгек акыдан жогору эмес өлчөмдө сый акы 637,2 миң сом төлөнүп берилген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун 32-пунктунда кызматкерлерге сый акы берүү эмгек акы фонду боюнча үнөмдөө болгондо жүргүзүлөт деп белгиленген.

**Корутунду:** эмгек акы беренесине **449,4 миң сомго**, социалдык фондго чегерүү беренесине **77,5 миң сомго** ашыкча бюджет бекитилген жана үнөмдөлгөн акча каражатынан сый акы берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун сый акы берүү бөлүгүндө сакталбай, кемчилдиктерге жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды: Кара-Суу району боюнча ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда:** 2022-жылдын июнь айында эмгек акы төлөө фондун үнөмдөөнүн эсебинен финансы күнүнө кызматтык эмгек акыдан жогору эмес өлчөмдө сый акы **29,6 миң сом** төлөнүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому

менен бекитилген Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 32-пунктунда кызматкерлерге сый акы берүү эмгек акы фонду боюнча үнөмдөө болгондо жүргүзүлөт деп белгиленген.

**Корутунду:** Төлөнгөн сый акы үнөмдөлгөн эмгек акы жок болгонуна карабай негизсиз төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун сый акы берүү бөлүгүндө сакталбай, кемчилдиктерге жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Жалал-Абад медициналык колледжинде:**

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтомунун "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун 2-бөлүгүнүн 10-пунктуна ылайык:

- *Директордун финансы-чарбалык иш боюнча орун басарын (проректорун) кошпогондо директорлорго (ректорлорго) жана директордун орун басарларына (проректорлорго) педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акы негизги кызмат орду боюнча төлөнөт.*
- *Эки ишти айкалыштыруу менен педагогикалык иш жүргүзгөн педагогикалык кызматкерлерге педагогикалык иш стажы үчүн үстөк акы айкалыштырган кызмат орду боюнча да төлөнөт.*
- *Мында педагогикалык жүктөмүнүн стажы үчүн үстөк акы белгилене турган негизги жана айкалыштырган кызмат орду боюнча педагогикалык жүктөмдүн жалпы көлөмү эмгек акынын ставкасынан ашпоого тийиш.*

**Корутунду:** административдик-башкаруу персоналдарына жана окутуучулук курамына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтомунун "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобосун бузуу менен эмгек акынын ставкасынан ашык жалпы **781,1 миң сом** төлөнгөн анын ичинен: эмгек акы беренеси бюонча – 666,2 миң сом жана Социалдык фондго төгүмдөр беренеси боюнча 114,9 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтомунун "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун педагогикалык жүктөмдүн жалпы көлөмү эмгек акынын ставкасынан ашпоого тийиш жөнүндө бөлүгү бузулуп, административтик-башкаруу персоналдарына жана окутуучулук курамына жалпы 781,1 миң сом төлөмдөргө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду**: Аудит камтыган мезгил аралыгында кызматтык унаа көп жылдар бою жараксыз абалда болгон. Айдоочу кызматкери толук эмгек акы алып келген, жалпы **183,8 миң сомду** түзгөн,

анын ичинен: бюджеттик каражаттардын эсебинен 147,8 миң сом, атайын каражаттардын эсебинен 36,0 миң сом.

**Сунуштама:** Бюджеттик каражаттарды сарамжалсыз пайдаланууга жол берген жана толук түрдө ички көзөмөл жүргүзүлбөгөн үчүн жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында жатакананын орундары (койко-место) жөнүндө маалыматтарга ылайык, төлөнүүчү акча каражаты 1026,2 миң сомго тийиш болсо, ал эми иш жүзүндө 964,9 миң сомду түзгөн. Аудит белгилейт, Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» мыйзамынын 2-беренесинин 1-пунктунун талаптары сакталбай жооптуу кызматкерлери тарабынан эч кандай аналитикалык, учеттук иш чаралар алып барылбайт жана эч бир отчет түзүлбөйт.

Аудит камтыган мезгил аралыгында жооптуу кызматкерлери тарабынан жатаканада жашаган үчүн түшкөн акча каражаттары көзөмөлгө жана анын толук түшүшүнө көзөмөл жоктугу аныкталган.

**Корутунду:** Жалал-Абад медициналык колледжинин жатаканасында жашаган үчүн түшкөн акча каражаттарына жана анын толук түшүшүнө көзөмөл жоктугу аныкталган.

**Сунуштама:** Жалал-Абад медициналык колледжинин жатаканасында жашаган үчүн түшкөн акча каражаттарга жана анын толук түшүшүнө көзөмөлдүн жоктугуна жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: Бишкек шаардык кан менен контакттуу вирустук гепатит жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусуна каршы күрөшүү борборунда:** борбордун короосу бар жөнүндө укук күбөлөндүрүүчү документтери жок туруп, короону тазалоочу кызматчынын штаттык саны кармалып келген. Аудит камтыган мезгил аралыгында короону тазалоочу кызматчыга **53,7 миң сомго** эмгек акы сарпталып, бюджеттик каражаттар сарамжалсыз пайдаланылган.

**Сунуштама:** короону тазалоочу кызматчыга 53,7 миң сомго эмгек акы сарпталып, бюджеттик каражаттардын сарамжалсыз пайдалануусуна жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: Ош шаардык балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо борборунда:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 жана 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" токтомдору менен каралбаган акчалай материалдык жардам көрсөтүү катары **65,6 миң сомго** кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобо менен каралбаган акчалай материалдык жардам көрсөтүү катары кошумча төлөмдөргө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Базар-Коргон райондор аралык ден соолукту калыбына келтирүү борборунда:**

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун 1-тиркемесинде белгиленген эсептөө коэффициентти 2022-жылдын 1-апрелинен тартып туура эмес эсептелген, жыйынтыгында **8,7 миң сом** ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама:** 8,7 миң сомго ашыкча эмгек акы боюнча туура эмес коэффициент төлөмдөрүнө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 116-126-беренелери талаптары сакталбастан 2022-жылдын үнөмдөлгөн эмгек акы фондунан 2023-жылдын эмгек өргүү төлөмдөрүнө сарпталган жалпы **272,6 миң сом** ашыкча төлөнгөн, ашыкча төлөнгөн каражаттар 2022-жылдын аягына түзүлгөн балансынын дебитордук каарыздарында көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:** 2022-жылдын үнөмдөлгөн эмгек акы фондунан эмгек өргүү төлөмдөрүнө сарпталган, жалпы 272,6 миң сомго ашыкча төлөмдөргө жана ал каражаттар 2022-жылдын аягына түзүлгөн балансынын дебитордук карыздарында көрсөтүлбөгөнгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2022-жылдын 11-апрелиндеги №437 сандуу "Эмгекке акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндөгү” буйругунун 2-тиркемесинин 12-13-пунктунда белгиленген талаптары сакталган эмес, мекеменин жетекчисине 2022-жыл мезгил аралыгына врач-инфекционист кызматы боюнча кошумча жүктөмүнө (0,25 штат бирдигине) негизсиз I-даражадагы квалификациялык категория үчүн негизги эмгек акынын 30 пайыз өлчөмүндө кошумча төлөм төлөнгөн, аудит учурунда тийиштүү буйруктар жана тийиштүү документтер көрсөтүлгөн эмес, 2022-жыл мезгил аралыгына эмгек акыга, жалпысынан **13,1 миң сомго** кошумча төлөм төлөнгөн.

**Сунуштама:** 13,1 миң сомго негизсиз кошумча төлөмдөргө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** ***Талас медициналык колледжинде:*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобосунда көргөзүлбөгөн сый акылар берилген. 2022-жыл ичинде атайын эсептин каражаттарынан кызматкерлерге **487,9 миң сом** суммасында сый акылар төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобосу менен көргөзүлбөгөн 487,9 миң сомго сый акы төлөмдөрүнө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Кадамжай район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда:**

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2018-жылдын 14-декабрындагы №897 "Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо уюмдарын ченемдик каржылоого которууга даярдык көрүү жөнүндө" буйругу менен штаттык ченем бекитилген. Көрсөтүлгөн буйрук менен бекитилген штаттык ченем сакталган эмес, башкача айтканда 3,5 штаттык бирдик ашыкча бекитилген, жалпы **484,0 миң сом** негизсиз эсептелип төлөнгөн.

**Сунуштама:** 3,5 штаттык бирдик ашыкча бекитилип, жалпы 484,0 миң сомго негизсиз төлөмдөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 4-бөлүмүнүн "Эмгек акы төлөөнүн башка маселелери", 9 пункуту: - *Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчи врачтарына (дарыгерлерине) жана алардын орун басарларына өздөрү штатында турган уюмдарда тиешелүү кызмат орду боюнча кызматтык маянасынын 25 пайызын төлөө менен жумуш убактысынын чегинде адистиги боюнча иштөөгө уруксат берилет.*

Жетекчи врачтардын жана алардын орун басарларынын адистиги боюнча аткарган ишинин көлөмү тиешелүү медициналык жана бухгалтердик документтерде чагылдырылууга тийиш.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн токтомго ылайык жетекчи врачтын адистиги боюнча аткарган ишинин көлөмүн чагылдырган тиешелүү медициналык жана бухгалтердик документтер жана эмгек акыларына кошумча төлөм эсептөө жөнүндө буйруктун көчүрмөсүн аудит убагында көрсөтүлгөн эмес.

Борбордун башкы дарыгерине 50%, же болбосо 61,3 миң сом жана башкы эсепчисине 25%, же болбосо 26,4 миң сом (61,3 миң сом + 26,4 миң сом = жалпы 87,7 миң сом) эмгек акыларына кошумча төлөм, социалдык төлөм (17,25%) 15,2 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык **103,5 миң сомго** төлөмдөргө жана аткарган ишинин көлөмүн чагылдырган тиешелүү медициналык жана бухгалтердик

документтер аудитке берилбегенге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Коштоп иштеген эмгек убакыты жумасына 20 сааттан (0,5 ставкадан) ашып кеткен. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин (99-беренесинин 3 пункуту) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому (6-пункуту) менен бекитилген "Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө" жобонун талаптары аткарылбай **55,1 миң сом** төлөмдөр негизсиз эсептелген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин (99-беренесинин 3 пункуту) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому (6-пункуту) менен бекитилген "Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө" жобонун коштоп иштеген эмгек убакыты бөлүгү аткарылбай бузууларга жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Жети-Өгүз район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда:**

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акыларын төлөө жөнүндө жобонун талаптарына ылайык, Саламаттык сактоо мекемелеринин кызматкерлерине (кичи тейлөөчү персоналдардан тышкары) иштеген жылдары үчүн ай сайын кошумча үстөк акы кызматтык маянасынан иштеген жылдарына жараша 10, 20 жана 30 пайыз өлчөмүндө бекитилген. Бирок, жобонун бул талаптарын бузуу менен Борбордо 9 (тогуз) кичи тейлөөчү персоналдарына 2022-жылдын апрелинен тартып иштеген жылдары үчүн кошумча үстөк акы **88,1 миң сом** суммасында төлөнгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акыларын төлөө жөнүндө" жобонун иштеген жылдары үчүн кошумча үстөк акыларды төлөө бөлүгүндө бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун 4-бөлүмүнүн 31-пункутунун талаптарын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №369 токтому менен киргизилген өзгөртүүлөрүнө ылайык) бузууга жол берилген. Эмгек акы төлөөдө атайын каражаттардын жалпы көлөмүнөн 60 пайыздан жогору **94,4 миң сомго** ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө"

токтомунун атайын каражаттардын эсебинен эмгек акы төлөөдө бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана "Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегине ылайык белгиленет.

Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде типтүү тизмегине кирбеген кызматкерлерге кошумча төлөмдөр төлөнгөн: ***Жети-Өгүз район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** **(**санитар дарыгерлерге жана алардын жардамчылары***)***– 77,9 миң сом жана ***Кыргыз курортология жана калыбына келтирип дарылоо илим-изилдөө институтунда*** **(**дарыкана кызматкерлери**)**– 199,5 миң сом.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун "Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегине" кирбеген кызматтарга, жалпы **277,4 миң сомго** төлөнгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун "Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегине" кирбеген кызматтарга, жалпы 277,4 миң сомго кошумча жүргүзүлгөн төлөмдөргө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** ***Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинде:*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтомунун 2-тиркемесиндеги Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 32-чи пункту менен *саламаттык сактоо уюмдарында кызматкерлерге сый акы берүү уюмдун кесиптик бирлик комитети менен макулдашуу боюнча эмгек акы төлөө фондунан үнөмдөөнүн чегинде жүргүзүлөт. Кызматкердин сый акысынын өлчөмү кызматтык маянадан ашпоого тийиш. Кызматкерлерге сый акы берүү эмгек акы төлө фонду боюнча үнөмдөө болгондо кварталына бир жолудан көп эмес жүргүзүлөт.* Аудиттелген мезгил аралыгында Департаментте кварталдан сырткары майрамдарга карата сый акы төлөнгөн, жалпы суммасы **17 080,0 миң сомду** түзгөн (Орозо айт – 676,7 миң сом, май

майрамдарына – 3651,4 миң сом, 6-7 ноябрь – 8895,3 миң сом жана жаңы жылга – 8775,5 миң сом).

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун кошумча акыларды төлөө бөлүгүндө 17 080,0 миң сомго кварталдан сырткары майрамдарга карата сый акы төлөмдөрүнө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Кассалык жана казыналык операциялар боюнча**

**Аныкталды:** 2017-жылдын 29-сентябрында №626 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобосунун 3, 4-пункуттарына ылайык депозиттик эсеп каражаттарын казыналыкта сактоо төмөнкү мөөнөттөр менен чектелет:

*а) жарандарга өткөрүлүп берүүчү депозиттик суммалар, үч жыл бою сакталат;*

*б) ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге (бюджеттик мекемелерден тышкары) өткөрүлүп берүүчү депозиттик суммалар, үч жыл бою сакталат.*

Ушул жобонун 3, 4-пункуттарында белгиленгендей, сактоо мөөнөттөрү аяктагандан кийин депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттары мамлекеттик/муниципалдык мекеменин буйругу боюнча сакталган депозиттик эсептеги бул суммалар тийиштүү бюджет кирешесине которулууга тийиш.

Министрликтин ведомстволук мекемелеринде аудит камтыган мезгил аралыгында 3-жылдан ашык депозиттик эсептин талап кылынбаган, жалпы **18,4 миң сомго** каражат аныкталган: ***Ош облустук кан борборунда*** - 14,1 миң сом, ***Студенттердин шаардык бейтапканасынын дарылоо-профилактикалык поликлиникасыда*** – 4,3 миң сом.

**Корутунду:** Министрликтин ведомстволук мекемелеринде аудит камтыган мезгил аралыгында 3-жылдан ашык депозиттик эсепте талап кылынбаган жалпы 18,4 миң сомго каражат турат.

**Сунуштама:** 3-жылдан ашык депозиттик эсепте талап кылынбаган 18,4 миң сом республикалык бюджет кирешесине чегерилсин.

**Аныкталды: Жалал-Абад медициналык колледжинде:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун 9-пунктуна ылайык атайын эсептин киреше бөлүгү кирешелердин бюджеттик классификациясына ылайык булактар бөлүгүндө бекитилет жана 3-пунктуна ылайык атайын эсептин каражаттары булактарына карабастан максаттуу багытта колдонулууга жана так арналышына жараша гана пайдаланылууга тийиш.

Аудит камтыган мезгил аралыгында атайын каражаттар эсебине окуу жайларында билим берүүнү көрсөтүү үчүн акы беренесине – 15015,9 миң сом, бирок бул каражаттардын ичинен: 924,9 миң сом окуучулардын окуу-

өндүрүштүк ишинен түшүүлөр, жатаканаларда, мейманканаларда жашоо акысы боюнча, диплом үчүн – 114,3 миң сом, документтерди кабыл алуу үчүн – 104,1 миң сом. Жогоруда көрсөтүлгөн каражаттар атайын эсептин туура эмес беренелерине которулган.

**Корутунду:** Аудит камтыган мезгил аралыгында жооптуу кызматкерлери тарабынан атайын эсепке туура эмес беренеге акча каражаттарын которулуусу отчеттук маалыматтардын туура эмес түзүлүшүнө алып келген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобонун атайын эсептин каражаттарын эсепке алуу бөлүгү сакталбай, атайын эсептин туура эмес беренелерине которулуп, отчеттук маалыматтардын туура эмес түзүлүшүнө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөргө жана иш сапарына кеткен чыгымдарга талдоо**

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” 2008-жылы 26-августунда №471 токтомун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобону бузууга жол берилген.

Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде: ***Баткен райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** (жол кире чыгымдары ашыкча)– 36,1 миң сом (калыбына келтирилген) жана ***Баткен облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда*** (жол кире чыгымдары жана суткалык чыгымдары ашыкча) – 27,3 миң сом.

**Корутунду:** Жалпы **63,4 миң сомго** иш сапар чыгымдары ашыкча чыгышталган.

**Сунуштама:**

1. Командировкалык чыгымдарды төлөөдө жана авансалык отчетторду кабыл алууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун командировкалык чыгымдарын максаттуу жана негиздүү чыгыштоо бөлүктөрүндө бузууларга (жалпы 63,4 миң сомго) жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

2. Иш сапар чыгымдары негизсиз чыгышталган жалпы 27,3 миң сом суммасы калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду:** ***Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги - эпидемияга каршы күрөшүү боюнча иш-чараларында:*** Өлкөнүн аймагына кирүүнүн алдын алуу жана коронавирустук инфекциянын андан ары жайылышына жол бербөө боюнча республикалык штабдын (COVID -19) 2020-жылдын 13-мартындагы №27 протоколдук тапшырмасынын негизинде "Ак-кеме" МК 27 обсервацияга 2020-жылдын 13-мартынан баштап которулган. Бирок, "Эко-Профи" ЖЧКнын 2020-жылдын январь жана февраль айларында таштанды чыгаруу кызматы үчүн 24,0 миң сомдук акча каражатынын негизсиз которулгандыгы аныкталды (акча каражат 2022-жылы которулган).

**Сунуштама:** 2020-жылдын январь жана февраль айлары үчүн таштанды чыгаруу үчүн кызмат көрсөтүүлөр үчүн негизсиз төлөнгөн **24,0 миң сом** республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду:** ***Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда***: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 246-пункту сакталбай кызматтык автотранспортун эксплуатациялоодо жол баракчалары толтурулбайт, спидометрдин көрсөткүчү жок, жыйынтыгында, автоунаанын фактылай жүргөндүгүн жана канча күйүүчү май пайдалангандыгын аныктоого мүмкүн болгон эмес.

**Сунуштама:** кызматтык автотранспортун эксплуатациялоодо жол баракчалары толтурулбай, спидометрдин көрсөткүчү болбой, автоунаанын фактылай жүргөндүгүн жана күйүүчү майдын анык пайдалангандыгын аныктоого аудит мүмкүн болбогонго жол берген жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчили каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: Жалал-Абад медициналык колледжинде:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 57-пункту сакталбай, директор жана башкы бухгалтер тарабынан бекитилбеген жана арифметикалык каталары бар аванстык отчеттор кабыл алынып төлөнүп берилген.

Ошондой эле, жогоруда аталган жобонун 119-пункту сакталбай, 2021-жылы кызматтык иш сапарга барган кызматкерледин аванстык отчеттору, 2022-жылдын сентябрь айында тапшырылган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун аванстык отчетторду тапшыруу, бекитүү жана толтуруу боюнча жол жоболору сакталбай, кемчилдиктерге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарына (ТМБ) жана негизги каражаттар боюнча**

Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринде төмөндөгү жылдык отчёттор боюнча критерийлерди бузуулар аныкталган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана эсепке алуунучу дебитордук жана кредитордук карыздар ортосундагы айырма боюнча маселе 2022-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин алкагында каралган жана тийиштүү отчетто көрсөтүлгөн.

**Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда:**

Негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризацияда баланстык баасы 126,9 миң сомдук 2007-жылдагы Нива “Шевроле” автоунаасы жетпей калган. Баланстык баасы 126,9 миң сомдук 2007-жылкы Нива “Шевроле” автоунаасынын жетпей калгандыгы (гаражда жок) маселеси боюнча *аудиттин материалдары Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Нарын областтык башкармалыгына 2023-жылдын 26-июлунда №01-11/166 каты аркылуу жөнөтүлгөн.*

**Аныкталды:** Борбордун балансында 7 бирдик автоунаа бар, анын ичинен 1 бирдик атайын автоунаа, калган 6 бирдик автоунаа кызматтык жана нөөмөттүк автоунаа катары балансга катталып турат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомуна (тиркеме 2) ылайык, нөөмөттүк автоунаасы үчүн Борбордо 1 (бир) бирдик каралган. Жыйынтыгында, калган 5 бирдик автоунаа лимиттен ашык каржыланат. Белгилей кетсек, 5 бирдик автоунаа атайын транспорт катары жабдылган эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомун бузууга жол берилген, Борбордо лимиттен ашык 5 (беш ) бирдик каржыланат.

**Сунуштама:** Кызматтык жана нөөмөттүк автоунааларынын ашыкча саны Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана

нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомунун нормаларына ылайык дал келтирилсин.

**Аныкталды:** Министрликтин ведомстволук мекемелеринде аудит камтыган мезгил аралыгында товардык-материалдык баалуулуктардын жетпей калуусу аныкталган:

**Корутунду:** төмөндөгү мекемелерде: ***Талас райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** *- 3,6 миң сом (калыбына келтирилген),* ***Таш-Көмүр район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда*** *-1,0 миң сом,* ***Тогуз-Торо райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда*** *– 10,4 миң сом,* ***Кара-Кочкор жандандыруу жана калыбына келтирүү борборунда*** *– 4,0 миң сом (калыбына келтирилген).*

**Сунуштама:** товардык-материалдык баалуулуктардын (так отчеттуулук бланктары) 11,4 миң сомго жетишпестиги калыбына келтирилсин жана алардын жетишпестигине (19,0 миң сомго) жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Министрликтин ведомстволук мекемелеринде жарактуулугу мөөнөтү өтүп кеткен даары-дармектер кампада сакталып тургандыгы аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: ***Спорт жана калыбына келтирүү борборунда*** *- 467,0 миң сом,* ***Ош атайын ооруканасында*** *- 195,8 миң сом.*

**Сунуштама:** *Спорт жана калыбына келтирүү борборунда* жана *Ош атайын ооруканасында* мөөнөтү өтүп кеткен даары-дармектер кампада сакталышына жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** ***Нарын район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда:*** Саламаттык сактоо мекемелеринде вакциналоо алгоритми иштелип чыкпагандыктан, 2022-жылда “COVID-19” коронавирус инфекциясына каршы 10000 доза Спутник лайт вакцинасы 4645,3 миң сом суммасында келип түшүп, анын ичинен Нарын областы боюнча мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу 6390 дозасы 2968,3 миң сомго (сайылган эмес) чыгышталган.

**Корутунду:** Вакцина алууну каалагандардын саны такталбагандыктан, 2968,3 миң сомго бюджеттик жоготууларга алып келген.

**Сунуштама:** Эпидемиялардын алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын алкагында бюджеттик каражаттардын эсебинен жана башка булактардын эсебинен алынган дары-дармек каражаттарды натыйжалуу жана рационалдуу пайдаланууну камсыздалсын жана бюджеттик жоготууларга жол бербөө максатында калкты эмдөөнүн алгоритмин иштеп чыгуу каралсын.

**Жети-Өгүз район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда:**

**Аныкталды:** 2021-жылда КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2021-жылдын 4-февралындагы №6 буйругунун негизинде Тоң райондук

ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө бөлүмүнүн балансындагы колдонууга жараксыз 1989-жылы өндүрүштөн чыккан, баштапкы баасы 12,5 миң сомду түзгөн, УАЗ-3962 автоунаасы чыгышталган. УАЗ-3962 автоунаасын эсептен чыгарууда ажыратылган жана демонтаждалган жабдуулардын башка жабдууну оңдоо үчүн жарамдуу бардык түйүндөрү, тетиктери, ошондой эле мүлктү эсептен чыгаруунун натыйжасында алынган материалдар запастарды чагылдыруу менен кириштелген эмес. Мындан тышкары, мамлекеттик мүлк башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга автоунааны эсептен чыгаруу жөнүндө отчет берилген эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 22-июлундагы №407 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ишканаларынын балансында турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” жобосунун (40 жана 46 пункуттары) талаптарын бузууга жол берилген:

- автоунаасын эсептен чыгарууда башка жабдууну оңдоо үчүн жарамдуу бардык түйүндөрү, тетиктери, материалдары жана агрегаттары, ошондой эле мүлктү эсептен чыгаруунун натыйжасында алынган материалдар запастарды чагылдыруу менен кириштелген эмес;
- мамлекеттик мүлк башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга автоунааны эсептен чыгаруу жөнүндө отчет берилген эмес.

**Сунуштама:**

1) Автоунааны эсептен чыгарууда жабдууну оңдоо үчүн жарамдуу бардык түйүндөрү, тетиктери, материалдары жана агрегаттары аныкталсын, ошондой эле мүлктү эсептен чыгаруунун натыйжасында алынган материалдар запастарды чагылдыруу менен кириштелсин.
2) Мамлекеттик мүлк башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга автоунааны эсептен чыгаруу жөнүндө отчет тапшырылсын.

**Аныкталды:** Сыноо лабораториясынын аккредиттөө жарактуу мөөнөтү 2006-жылдын 21-майында бүткөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 31-майындагы “Ишкерликтин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” №260 токтому менен бекитилген “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо” жобосунун 1-бөлүмүнүн 1.6.-пунктунда белгиленгендигине карабастан, ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн аккредитациядан өткөн эмес.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 31-майындагы №260 токтому менен бекитилген “Ишкерликтин айрым түрлөрүн лицензиялоо жобосунун” жана КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2016-жылдын 6-декабрындагы №879 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында Саламаттыкты сактоо уюмдарын аккредитациялоо түйүнү жөнүндө” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын

31-майындагы №260 токтому менен бекитилген "Ишкерликтин айрым түрлөрүн лицензиялоо" жобосунун жана Министрликтин 2016-жылдын 6-декабрындагы №879 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасында саламаттыкты сактоо уюмдарын аккредитациялоо түйүнү жөнүндө" жобосунун талаптарына ылайык, ишкердигин жүргүзүүгө аккредитация аттестатын алуу үчүн аккредитациядан өтүү маселеси каралсын.

**Аныкталды: "Алтын балалык" ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунда:** 2022-жылдын 27-январындагы жана 2022-жылдын 28-январындагы "Алтын балалык" ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунун директору (кардар), КР Саламаттык сактоо министрлиги (төлөөчү) жана "Адилеттүү Биримдик" коомдук бирикмесинин ортосундагы үч тараптуу келишимге ылайык, жалпы суммасы 24321,0 миң сомго материалдык баалуулуктар (жыгач жана металл-пластикалык эшиктер, металл-пластикалык витраждар, алюминий терезелер, алюминий-фасад витраждары ж.б.) келип түшкөндүгү менен түшүндүрүлөт. Келип түшкөн материалдык баалуулуктар кириштелген жана чарбалык товар катары чыгымдарга (орнотуу жүргүзүлгөн) эсептен чыгарылган.

Бул, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобону бузууга жол берилген, оңдоо иштерине кириштелген жана эсептен чыгарылган 24321,0 миң сом суммасындагы материалдарга "чыгымдарды капиталдаштыруу" жүргүзүлгөн эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлүп, бухгалтердик баланс 24321,0 миң сомго жогорулагандыгы тууралу бухгалтердик маалымкат түзүлдү.*

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобону бузууга жол берилген, оңдоо иштерине кириштелген жана эсептен чыгарылган **24321,0 миң сом** суммасындагы материалдарга "чыгымдарды капиталдаштыруу" жүргүзүлгөн эмес.

**Аныкталды:** Атайын эсептин каражаттарынын эсебинен "Мүлктөрдүн учурдагы ремонтторуна чыгымдар" 2221-беренесинен жалпы суммасы 16598,3 миң сом суммасында капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн, анын ичинен: аймакты көрктөндүрүүгө 9347,2 миң сом, аймакты реконструкциялоого, жашылдандырууга жана көрктөндүрүүгө 5421,3 миң сом жана кичи архитектуралык формалардын түзүлүшүнө (жарык берүүчү приборлорду, отургучтарды орнотуу, таштанды үчүн урна, жээкте чечинүүчү жайларды орнотуу) 1609,7 миң сом. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык, учурдагы оңдоп түзөөлөр "Имараттар жана курулмалар" 3111-беренеси боюнча жүргүзүлүп, балансдык баасы 9347,2 миң сомго көбөйтүлмөк.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобо бузууга жол берилген, оңдоо иштерине кириштелген жана эсептен чыгарылган **9347,2 миң сом** суммасындагы материалдарга “чыгымдарды капиталдаштыруу” жүргүзүлгөн эмес, б.а. чыгымдар баланстан жогорулатылган эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлүп, бухгалтердик баланс 9347,2 миң сомго жогорулагандыгы тууралу бухгалтердик маалымкат түзүлдү.*

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталбай, 24321,0 миң сомго материалдык баалуулуктар жана 9347,2 миң сомго аймакты көрктөндүрүү чыгымдары эсеп боюнча капиталдаштырылбай, оңдоо иштерине кириштелип, эсептен чыгарылганга жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**“Алтын балалык” ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунун** курулушун аяктоо жана реконструкция жумуштарын жүргүзүү боюнча жалпысы каржыланган – 283 020,4 миң сомго. Андан сырткары грантты өздөштүрүү жана атайын жумуштарды аткаруу үчүн 102 042,1 миң сомдук подрядчынын (“4 Энерджи” ЖЧКысы) өздүк салымынын эсебинен каржыланаары боюнча 2022-жылдын 21-апрелинде жалпы суммасы 302 041,2 миң сомго №1-Жумуш келишими түзүлгөн.

Каражаттын ири көлөмү 2023-жылы түшкөнүнө байланыштуу, көп жумуштар 2023-жылы бүткөрүлүүдө. Курулуш жана реконструкция жумуштары толук аягына чыкканда, акча каражаттардын өздөштүрүлүүсү аудит тарабынан камтылышы белгиленет.

**Коммуналдык кызматтарга лимиттердин сакталышы боюнча:**

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №234 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2022/2023-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө токтомун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2022-жылдын 10-октябрындагы №1201 “Саламаттык сактоо уюмдары үчүн 2021-2022-жылдарга электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөө лимитин бекитүү жөнүндө” буйругу чыгарылган.

Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринде ченемден ашыкча электр жана жылуулук энергиясын бекитилген ченемден пайдалануулары аныкталган, жалпы суммасы 13087,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен: ***Ош атайын ооруканасында*** *- электр энергиясы үчүн 71,6 миң кВт/саатына же 243,4 миң сом,* ***Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун түштүк филиалында*** *- электр энергиясы үчүн 7,9 миң кВт/саатына же 41,1 миң сом,* ***Адамдын репродукциясы боюнча кыргыз илимий борборунда*** *- электр*

*энергиясы үчүн 123,1 миң кВт/саатына же 418,7 миң сом,* ***И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында –*** *жалпы 7893,6 миң сом анын ичинен: электр энергиясы үчүн 1551,0 миң.квт/саатына же 5273,4 миң сом, жылуулук энергиясы үчүн 1023,5 миң.Гкал же 1844,4 миң сом жана газ үчүн 33,732 миң. куб метри же 775,8 миң сом,* ***Сокулук район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 125,24 миң.квт/саатына же 319,3 миң сом,* ***Өзгөн район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 3,53 миң кВт/саатына же 12,0 миң сом,* ***Жалал-Абад район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 57,3 миң.квт/саатына же 160,9 миң сом,* ***Ноокат район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 7,5 миң.кВт/саатына же 26,3 миң сом,* ***Ош облустук кан борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 11,7 миң.кВт/саатына же 44,4 миң сом,* ***Ош шаардык балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо борборунда –*** *жалпы 365,1 миң сом, анын ичинен: жылуулук энергиясы үчүн 126,4 Гкал, 334,7 миң сом жана электр энергиясы үчүн 16,9 миң.кВт/саатына же 30,4 миң сом,* ***Ош шаардык мүмкүнчүлүгү чектелген жана таяныч-кыймыл аппаратынан жабыркаган балдар үчүн реабилитациялык борборунда -*** *жалпы 399,4 миң сом, анын ичинен: электр энергиясы үчүн 103,1 миң сом жана жылуулук энергиясы - 296,3 миң сом,* ***Талас областтык кан борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 21,5 миң миң.кВт/саатына же 53,9 миң сом,* ***Талас областтык СПИДке каршы күрөшүү жана алдын алуу борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 18,7 миң.кВт/саатына же 46,7 миң сом,* ***Соттук-медициналык экспертизасы жана патологиялык анатомиясы биргелешкен Талас областтык бюросунда -*** *электр энергиясы үчүн 3,5 миң.кВт/саатына же 11,9 миң сом,* ***Кара-Буура райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык козөмөлдөө борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 12,3 миң.кВт/саатына же 41,8 миң сом,* ***Талас райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** *электр энергиясы үчүн 224,6 миң.кВт/саатына же 231,9 миң сом,* ***Спорт жана калыбына келтирүү борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 121 миң кВт сааттына же 31,5 миң сом,* ***№115 "Наристе" бала бакчасында –*** *2462,3 миң сом, анын ичинен: электр энергиясы үчүн 293,5 миң сом жана жылуулук энергиясы 2168,8 миң сом,* ***Саламаттык сактоонун электрондук борборунда –*** *171,4 миң сом, анын ичинен: электр энергиясы үчүн 57,2 миң кВт сааттын же 167,0 миң сом жана жылуулук энергиясын 2,2 Гкал же 4,4 миң сом,* ***Студенттердин шаардык бейтапканасынын дарылоо-профилактикалык поликлиникасыда -*** *электр энергиясы үчүн 6,6 миң кВт саатына же 24,9 миң сом,* ***Саламаттыкты сактоо жана медициналык технологияларды өнүктүрүү борборунда -*** *электр энергиясы үчүн 6,1 миң кВт сааттына же*

*23,2 миң сом,* ***Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** *- электр энергиясы үчүн 16,9 миң кВт сааттына же 52,5 миң сом,* ***Министрликтин борбордук аппаратында*** *- электр энергиясы үчүн 3,43 миң Квт/сааттына же 11,6 миң сом.*

**Корутунду:** Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринде электр жана жылуулук энергиясын бекитилген ченемден ашыкча пайдалануулары аныкталган, жалпы суммасы **13087,8 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** Электр жана жылуулук энергиясын бекитилген ченемден ашыкча пайдалануусунун себептерин талдап, анын жыйынтыгы менен тиешелүү чара көрүү камсыздалсын.

**Курулуш-куроо иштеринде, капиталдык жана кезектеги оңдоолордо каражаттардын туура чыгымдалышынын тууралыгына жана негиздүүлүгүнө аудит жүргүзүү**

**Аныкталды:**

Министрликтин ведомстволук мекемелеринде аткарылган курулуш - куроо иштердин көлөмүнүн ашыруусу аныкталган, жалпы суммасы **2404,5 миң сомду** түзгөн, калыбына келтирүүгө тийиш 2404,5 миң сом, калыбына келтирилген 248,5 миң сом.

**Корутунду:** төмөндөгү мекемелерде:

***И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында:***

- 7-8 жатаканалардын металл-пластикалык жана витраждуу терезе блокторун алмаштыруу - "Дастан Строй Групп" ЖЧКсынан 37,8 миң сом;
- Бишкек шаары, Чалдовар көчөсү, 89 дареги боюнча оңдоо иштери - "Строй-город" ЖЧКсынан 133,0 миң сом;
- Баткен шаары, Курманжан-Датка көчөсү №115, Чет-Булак кварталы дарегине окуу - медициналык жана илимий комплексин куруу (курулуш иштери) - "Евразия-Строй-Сервис" ЖЧКсынан 69,3 мин сом;
- Баткен шаары, Курманжан-Датка көчөсү №115, Чет-Булак кварталы дарегине окуу - медициналык жана илимий комплексин куруу - "Евразия-Строй-Сервис" ЖЧКсынан 335,0 миң сом;
- Таш-Дөбө айылы, Школьная көчөсү 20 дарегинде оңдоо-курулуш иштери - "Кыргыз-Элит-Строй" ЖЧКсынан 159,7 миң сом;
- Бишкек шаары, Лев Толстой көчөсү 70 дарегинде оңдоо иштери - "Тору-Айгыр" ЖЧКсынан 39,2 миң сом;
- Бишкек шаары, Суеркулов көчөсү 3 дарегиндеги Билимди текшерүү жана клиникалык көндүмдөрдү өнүктүрүү борборунун окуу корпусундагы инженердик коммуникациялар - 44,7 миң сом;
- Бишкек шаары, Суеркулов көчөсү 3 дарегиндеги Билимди текшерүү жана клиникалык көндүмдөрдү өнүктүрүү борборунун окуу корпусун куруу - "Бекбото Строй" ЖЧКсынан 264,5 миң сом;
- Бишкек шаары, Киев көчөсү 27 дарегинде оңдоо иштери - "БишкекИнжиниринг" ЖЧКсынан 22,5 миң сом;

- Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү 1 дареги боюнча жана КММАнын башка кафедраларында оңдоо иштери - “БишкекИнжиниринг” ЖЧКсынан 21,9 миң сом;

***«Алтын Балалык» ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунда:***

- «Алтын Балалык» ден соолукту чындоо-реабилитациялык борборунун айланасын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу объектисинде - «4Energy» 732,8 миң сомго (*аудит учурунда 60,9 мин сому калыбына келтирилген*);

- «Алтын Балалык» ден соолукту чындоо-реабилитациялык борборунун имаратынын «В» блогуна ремонт жүргүзүүдө «4Energy» 267,1 миң сомго;

***Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинде:***

- “Скай Лофт” ЖЧКсынан 21,1 миң сомго;

***Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда:***

- “Имарат курулуш XXI” ЖЧКсынан 126,8 миң сомго, *калыбына келтирилген* 58,7 миң сом, калыбана келтирүүгө тийиш – 68,1 миң сом;

***Министрликтин борбордук аппаратында:*** “Ахмат Строй ЛТД” ЖЧКсынан 129,1 миң сомго, *калыбына келтирилген 119,5 миң сом*, калыбана келтирүүгө тийиш – 9,5 миң сом.

**Сунуштама:** Аткарылган курулуш - куроо иштердин көлөмүнүн ашыруусу калыбына келтирилсин:

- ***И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында*:** “Дастан Строй Групп” ЖЧКсынан 37,8 миң сомго, “Строй-город” ЖЧКсынан 133,0 миң сомго, “Евразия-Строй-Сервис” ЖЧКсынан - 404,3 миң сомго, “Кыргыз-Элит-Строй” ЖЧКсынан 159,7 миң сомго, “Тору-Айгыр” ЖЧКсынан 39,2 миң сомго, Бишкек шаары, Суеркулов көчөсү 3 дарегиндеги Билимди текшерүү жана клиникалык көндүмдөрдү өнүктүрүү борборунун окуу корпусундагы инженердик коммуникациялар - 44,7 миң сомго, “Бекбото Строй” ЖЧКсынан 264,5 миң сомго, “БишкекИнжиниринг” ЖЧКсынан - 44,4 миң сомго, “БишкекИнжиниринг” ЖЧКсынан - 21,9 миң сомго;

- ***«Алтын - Балалык» ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунда*:** айланасын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу объектисинде - 671,9 миң сомго; «В» блогуна ремонт жүргүзүүдө - 267,1 миң сомго;

- ***Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинде:*** “Скай Лофт” ЖЧКсынан - 21,1 миң сомго;

- ***Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда:*** “Имарат курулуш XXI” ЖЧКсынан – 68,1 миң сомго;

- ***Министрликтин борбордук аппаратында:*** “Ахмат Строй ЛТД” ЖЧКысынан – 9,5 миң сомго.

**Аныкталды/Корутунду:** Подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштардын объектилеринде кээ бир жумуштар боюнча көрүлбөй калуучу жумуштардын актылары түзүлбөгөн. КР КЧ 12-02:2018 “Курулуш өндүрүшүн уюштуруу” ылайык жумуштардын аткаруу иш кагаздары тариздделбеген: ***Дары***

***каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинде, Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинде жана Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда*** *жана* ***Министрликтин борбордук аппаратында.***

**Сунуштама:** Жумуштардын аткаруу иш кагаздары КР КЧ 12-02:2018 “Курулуш өндүрүшүн уюштуруу” жумуштардын аткаруу иш кагаздары тариздelиши бөлүгүндө сакталбай, кемчилдиктерге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августу №114 токтомуна ылайык жүргүзүлбөгөн. Курулган имарат жобонун 8-пунктунун 1)-пунктчасында көрсөтүлгөн - аянты 300 кв. м чейин же бийиктиги эки кабаттан ашпаган коомдук багыттагы объекттерди куруу болуп саналат. Ошондуктан жобонун 8-пунктунда белгиленгендей - Шаар куруу жана архитектура боюнча аймактык органдын архитектуралык-техникалык корутундусунун (АТК) негизинде макулдашылган жана экспертиза жүргүзүүнү талап кылбаган долбоордук документтерди даярдоо менен ишке ашырылуусу талап кылынган. Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде жогоруда белгиленген талаптар бузууга жол берилген: ***Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинде жана Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда.***

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтомунун долбоордук документтерди даярдоо менен ишке ашырылуусу бөлүгүндө сакталбай, кемчилдиктерге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** “Подрядчы “ТТ и К” ЖЧКсынын жана “СМК Вертикаль” ЖЧКсынын лицензиясында ички жана тышкы инженердик системаларды, тармактарды жана курулуштарды жайгаштыруу боюнча жумуштарды аткаруу каралбаган. 2001-жылдын 31-майындагы №260 “Ишкерликтин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө” токтомуна ылайык курулуш-куроо жумуштары анын ичинен ички жана тышкы инженердик системаларды, тармактарды жана курулуштарды жайгаштыруу боюнча объектилерди жылуулук менен камсыздоонун ички системаларындагы жумуштар, лицензияланууучу иштин түрүнө кирет.

Бирок, “Подрядчы “ТТ и К” ЖЧКсынын жана “СМК Вертикаль” ЖЧКсынын лицензиясында ички жана тышкы инженердик системаларды, тармактарды жана курулуштарды жайгаштыруу боюнча жумуштарды аткаруу каралбай ***Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун***

***көзөмөлдөө борборунда жана Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинде*** алар тарабынан курулуш - куроо жумуштары аткарылган.

**Сунуштама:** Подрядчылардын аткарган жумуштарына ылайык алардын тиешелүү лицензияларын талап кылбаган жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Мамлекеттик сатып алуулар маселелери боюнча укуктук ченемдик актыларынын сакталышы боюнча**

**Аныкталды:** Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринде сатып алуулар маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын нормативдик актыларынын төмөндөгү критерийлерди бузуулар аныкталган:

**Корутунду:** Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган контракттын өзгөчө шарттарында жана аткаруучу жеткирип берүү мөөнөтүн бузган учурда тапшырыкчы (Заказчик) Аткаруучудан кечиктирилген ар бир күн үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын 0,1% өлчөмүндө айып (туум) төлөөнү талап кылууга укуктуу экендиги белгиленген. Максималдуу айып пулу 5,0%. Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү келишимдерине ылайык жөнөтүүчү товардын мөөнөтүн өткөрүп жибергендиги үчүн жоопкерчилик тартат жана сатып алуучуга ар бир мөөнөтү өткөн күн үчүн 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт. Бирок, сатып алуучу уюм жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн жөнөтүүчүлөргө карата айып туумдарын колдонуу укугунан пайдаланган эмес, анын натыйжасында бюджеттин эсебине айып туумдары кармалган эмес жана талап кылынган эмес: ***Саламаттыкты сактоо министрлигинин Натыйжага багытталган Программасында*** - 2 666,7 миң сом (калыбына келтирилген), ***Республикалык соттук-медициналык экспертиза борборунда*** 10,3 миң сом.

**Сунуштама:** Республикалык соттук-медициналык экспертиза борборуна: Товарларды жеткирүү боюнча келишимдин шарттарына ылайык 10,3 миң сом айыптык санкцияларды жөнөтүүчүлөрдүн эсебинен тийиштүү бюджеттин эсебине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды:** Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган келишимдин өзгөчө шарттарына жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун (312-пункуту) ылайык аванстык төлөм суммасына кепилдик берүү шартында, аванстык төлөмдөрдүн суммасы (алдын-ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш.

**Корутунду:** Бирок, бул шарттарды бузуу менен төмөнкү мекемелер тарабынан бюджеттик каражаттар товар жеткирилгенге чейин төлөнүп берилген: ***И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында*** - *1141,5 миң сом,* ***Адамдын репродукциясы боюнча кыргыз илимий борборунда*** - *199,8 миң сом,* ***Балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо адистештирилген борборунда*** - *178,0 миң сом,* ***Сокулук***

***район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда** - 1055,2 миң сом, **Жалал-Абад район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда** - 224,0 миң сом, **Бишкек медициналык колледжинде** - 65,4 миң сом, **Республикалык иммунопрофилактика борборунда** - 894,9 миң сом, **Республикалык соттук-медициналык экспертиза борборунда** - 122,9 миң сом, **Ош облустук соттук-медициналык экспертиза борборунда** – 96,0 миң сом, **Ош облустук кан менен контакттуу вирустук гепатит жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусуна каршы күрөшүү борборунда** - 238,6 миң сом, **Алай район мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда** – 192,5 миң сом, **Чоң-Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда** – 585,6 миң сом, **Таш-Көмүр район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда** – 392,3 миң сом, **Тогуз-Торо райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда** – 349,7 миң сом.*

**Сунуштама:** мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган келишимдин өзгөчө шарттары жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобонун авансык төлөм бөлүгү сакталбай, бюджеттик каражаттар товар жеткирилгенге чейин төлөнүп берилгенге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 22-беренесинин талаптары сакталган эмес. Сатып алуу предметинин пландык наркынын 2 пайызынан ашпаган өлчөмдө сатып алуучу уюмга берилүүчү акча каражаты же банк кепилдиги түрүндө камсыз кылуу талап кылынган эмес: ***Борбордук нерв системасы жабыркаган жана психикасы бузулган балдарды жана үй-бүлөлөрдү реабилитациялоонун республикалык адистештирилген борборунда, Ош шаардык балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо борборунда, Ош облустук адам репродукциясы борборунда, Ош облустук соттук-медициналык экспертиза борборунда, Ош облустук кан менен контакттуу вирустук гепатит жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусуна каршы күрөшүү борборунда, Ош медициналык колледжинде, Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда, Чоң-Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда.***

**Сунуштама:** Сатып алуу предметинин пландык наркынын 2 пайызынан ашпаган өлчөмдө сатып алуучу уюмга берилүүчү акча каражаты же банк кепилдиги түрүндө камсыз кылуу талабы сакталбаганга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныктaлды/Корутунду:** ***Борбордук нерв системасы жабыркаган жана психикасы бузулган балдарды жана үй-бүлөлөрдү***

***реабилитациялоонун республикалык адистештирилген борборунда:*** Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө сатып алынган товарларды жеткирип берүү келишими түзүлгөнгө чейин эле жабдуучуга 15,6 миң сомдук товар жеткирилген.

**Сунуштама:** Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдө сатып алынган товарларды жеткирип берүү келишими түзүлгөнгө чейин эле жабдуучуга 15,6 миң сомдук товар жеткирилгенге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 3-пункту бузулган.

**Корутунду:** төмөндөгү мекемелерде сатып алуулар боюнча сертификатталган адис жок экендиги аныкталган: ***Ош шаардык балдарды жана үй-бүлөнү реабилитациялоо борборунда, Алай райондук мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда, «Алтын Балалык» ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунда, Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда, С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медицналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунда.***

**Сунуштама:** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү үчүн адистерди окутуу жана сертификациялоо жааты каралсын.

**Аныкталды: Тогуз-Торо райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда** түз келишим түзүү методун колдонууда айрым конкурстарда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21 - беренесинин 1 - пунктунун айрым талаптары аткарылган эмес (мыйзамдын 03.04.2015-жылдагы редакциясында), тактап айтканда, түздөн-түз келишим түзүү методу менен сатып алуулар Мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосу, сатып алуучу уюм баалардын мониторингин жүргүзгөндөн кийин сатып алуулар жөнүндө келишимге кол коет.

**Корутунду***:* Натыйжада, баалардын мониторингин жүргүзбөстөн түз келишим түзүү ыкмасы менен сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Бааларга мониторинг жүргүзүлбөй мамлекеттик сатып алуулар өткөрүлгөнгө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги - эпидемияга каршы күрөшүү боюнча иш-чараларда:** “Кыргыз Республикасынын майыптар коомдорунун товарларын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.03.2016-жылдагы №150 токтомунун (2023-жылдын 24-ноябрынын №620 Министрлер Кабинетинин токтому менен күчүн жоготкон) талаптары сакталбай, көрсөтүлгөн кызматтар боюнча келишимдин шарттарына ылайык келбеген кызматтар көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:** “Кыргыз Республикасынын майыптар коомдорунун товарларын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ишке ашыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.03.2016-жылдагы №150 токтомунун талаптары сакталбай, көрсөтүлгөн кызматтар боюнча келишимдин шарттарына ылайык келбеген кызматтардын көрсөтүлгөнүнө жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: Талас райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда -** сатып алуулар конкурсу өткөрүлбөстөн **703,7 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр сатып алынган.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык конкурс өткөрүлбөстөн сатып алууларга жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: И. Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинде:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинин 4-пунктуна ылайык, товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана консультациялык кызмат көрсөтүүгө карата белгиленүүчү талаптар түшүнүктүү жана толук болууга, товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жана башка көрсөткүчтөрүнө карата талаптардын так жана бирдей мааниде баяндалышын камсыз кылууга тийиш. Белгиленүүчү талаптар чектөөчү мүнөзгө ээ болбошу керек.

Жабдуучу буюртмачыдан 15 км радиуста жайгашуусу керек, Каракол шаарында деп көрсөтүлгөн. Белгиленүүчү талаптар чектөөчү мүнөзгө ээ болбошу керек.

**Сунуштама:** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын белгиленүүчү талаптар чектөөчү мүнөзгө ээ болбошу керек бөлүгү сакталбай, кемчилдиктерге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду: «Алтын Балалык» ден соолукту чыңдоо-реабилитациялык борборунда** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 23-беренесинин 5-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген жана кулактандырууну веб-порталга жайгаштырбастан жана конкурстук жол-жоболорду өткөрбөстөн товардык-материалдык баалуулуктар жана кызматтарды сатып алуу жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн жана кемчилдиктерге жол берген жооптуу кызматкерлерге чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:** Министрликтин төмөндөгү ведомстволук мекемелеринде 2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 22-беренесинин 5-пункту аткарылбай, берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу акча каражаттары 7 (жети)

жумуш күндөн кечиктирилип кайтарылып берилген: ***С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медицналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунда, Кыргыз курортология жана калыбына келтирип дарылоо илим-изилдөө институтунда, Бишкек шаардык мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда.***

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын кепилдикти камсыз кылуу акча каражаттарын кайтаруу бөлүгүндө сакталбай, кемчилдиктерге жол берген жооптуу кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Ижара мамилелери боюнча**

**Аныкталды:** ***Адамдын репродукциясы боюнча кыргыз илимий борборунда*** 3,7 миң сомго ижара төлөмү боюнча калдык 2022-жылга төлөнгөн эмес.

***Ош облустук адам репродукциясы борборунда*** **-** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы №535 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жер участокторун берүү тартиби жөнүндө» жобонун (5-пунктуна) ылайык жеке жана юридикалык жактарга мамлекеттик менчикте турган жер участоктору ушул жобого ылайык жер участогуна ижара келишимин бекитүү укугуна тоорук өткөрүү аркылуу берилет жана (94-пунктуна) ижара акы жергиликтүү мамлекеттик администрация же ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган эсепке так суммада белгиленген төлөмдөр түрүндө ай сайын төлөнөт.

Бирок, Ош облустук адам репродукциясы борбору тарабынан бул жобо сакталган эмес, анын натыйжасында 60,0 миң сом суммасындагы ижара акысы республикалык бюджетке которулган эмес.

**Корутунду:** Ош облустук адам репродукциясы борбору тарабынан көрсөтүлгөн жобо сакталбай, **60,0 миң сом** суммасында ижара акысы республикалык бюджетке которулган эмес. Адамдын репродукциясы боюнча кыргыз илимий борборунда **3,7 миң сомго** ижара төлөмү калдык 2022-жылга төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:** Ижарага берүүдөн төлөмдөр белгиленген тартипте тиешелүү эсепке которуу камсыздалсын: Ош облустук адам репродукциясы борборунда - 60,0 миң сом, Адамдын репродукциясы боюнча кыргыз илимий борборунда - 3,7 миң сом.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча**

**Аныкталды/Корутунду:**

Министрликтин жана анын ведомстволук төмөндөгү мекемелеринде дебитордук карызды эсептен жашыруулары аныкталган: ***Талас райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда*** *– 147,7 миң сом*, ***Нарын райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык - эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда –*** *6,4 миң сом (мекемеде калыбына келтирилген).*

**Сунуштама:** Жогоруда көрсөтүлгөн мекемелер дебитордук карызды эсептен жашыруулары калыбына келтирилсин жана дебитордук карызды эсептен жашырууга жол берген жооптуу кызматкерлерге чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:** Саламаттык сактоо мекемелери Социалдык фонду жана Салык кызматы менен эмгек акы беренеси боюнча өз ара эсептешүүдө бухгалтердик эсептин маалыматтары боюнча которулуучу анык суммалардан ашыкча которууга жол берилгендиктен дайыма дебитордук карыздын өсүүсүнө алып келет.

Министрликтин жана анын ведомстволук төмөндөгү мекемелеринде: ***Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда* – 1117,5 миң сом*,* *Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык байланыш борборунда* – 96,3 миң сом*,* *Ноокат район аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда* – 91,5 миң сом*,* *Жалал-Абад медицналык колледжинде* – 479,8 миң сом**.

**Сунуштама:** Саламаттык сактоо министрлигине: Социалдык фонд жана салык кызматы менен эмгек акы беренеси боюнча жогорудагы мекемелерде ашыкча которулган каражаттардын 2023-жылда өздөштүрүүсүн эске алуу менен республикалык бюджетке чегерүүлүсү каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** ***Ысык-Көл областтык СПИДке каршы күрөшүү жана алдын алуу борборунда*** социалдык чегерүүлөр **46,7 миң сомго** аз эсептелген (калыбына келтирилди).

### Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти боюнча:

**Аныкталды:** Биологиялык коопсуздук боксу (1 даана) 1010,0 миң сомго сатылып алынган. Аудит тарабынан аталган негизги каражаттын ачык асман алдында жайгаштырылгандыгы аныкталган. Аталган Биологиялык коопсуздук боксу ишке киргизилбегендиги аныкталган, бирок, 2022-жылга карата 202,0 миң сом суммасында жабдууларга амортизация эсептелген. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобого ылайык, активди амортизациялоо, ал эксплуатацияга киргизилген учурдан тартып, бирдей пропорциядагы негизинде аныкталат, жылдык амортизациянын суммасын 12 айга бөлүп жана бир айлык амортизациянын суммасын эксплуатацияга киргизилген айлардын санына көбөйтүлөт (156 – пункт).

**Корутунду:** Бул жобо бузулуп, биологиялык коопсуздук боксу ишке киргизилбестен туруп, негизги каражатка амортизация эсептелген. Жетекчилик тарабынан негизги каражаттардын сакталышына жана **1010,0 миң сомго** бюджеттик каражаттардын рационалдуу эмес пайдаланылышына көзөмөлдүн жетишсиз болгондугун, бул сатып алуудан бери 9 ай өткөнүн эске алуу менен (2022-жылдын 2-октябрынан тартып), ал эми

жабдуулар бош туруп, өз максатына ылайык пайдаланылбагандыгын белгилейт.

**Сунуштама:** Бухгалтердик эсептин принциптерине ылайык, бухгалтердик эсеп боюнча 202,0 миң сом өлчөмүндө мурда чегерилген амортизацияны жокко чыгарууну жүзөгө ашыруу жана финансылык отчеттуулукка өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тиешелүү иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жөнүндө" жобонун 156-пунктуна ылайык активдин амортизациясы ишке киргизилген учурдан тартып башталат, жылдык амортизациянын суммасын 12 айга бөлүү жана бир айлык амортизациянын суммасын ишке киргизилген күндөн тартып айлардын санына көбөйтүү жолу менен бирдей пропорционалдуу негизде ишке киргизилет, бирок Департамент тарабынан бул пункут бузуу менен негизги каражаттардын амортизациясы ишке киргизилген учурдан тартып эмес, бүткүл календардык жыл үчүн чегерилген. 2022-жылга карата бюджеттик каражаттардын эсебинен алынган негизги каражаттарга амортизациянын ашыкча чегерилген суммасы **1446,9 миң сомду** түздү, ал эми атайын каражаттардын эсебинен алынган негизги каражаттарга амортизациянын ашыкча чегерилген суммасы **446,1 миң сомду** түздү.

**Сунуштама:** 1893,0 миң сом суммасында негизги каражаттарга амортизациянын ашыкча чегерилгени кайра эсептелип чыгуусу жана финансылык отчетторго өзгөртүүлөрдү киргизүүсү каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:**

1. **34,3 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын (так отчеттуулук бланктары) жетпей калуусу аныкталган. *Маалымат Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине өткөрүлгөн (кат № 01-8/1264 2023-жылдын 19-сентябры).*
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобону бузууга жол берилип, **44,6 миң сомго** максатсыз күйүүчү-майлоочу майларды сатып алуу үчүн чыгымдалган.
3. Аудит камтыган мезгил аралыгында 3-жылдан ашык депозиттик эсепте талап кылынбаган **32,5 миң сом** аныкталган.
4. Электр энергиясы үчүн 121 миң кВт сааттына же **543,6 миң сомго** ченемден ашыкча электрэнергиясын пайдалануу аныкталган. Ошондой эле, күйүүчү-майлоочу майлар боюнча лимиттен ашыкча 231,64 литр, же **15,9 миң сом** суммасын түзгөн.

5. “ТриА КейДжи” ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш - куроо иштердин **14,4 миң сомго** көлөмүнүн ашыруусу аныкталган.

**Сунуштамалар:**

1. 34,3 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын (так отчеттуулук бланктары) жетишпестиги калыбына келтирилсин.
2. 44,6 миң сомго негизсиз чыгышталган иш сапар чыгымдары калыбына келтирилсин.
3. Үч жылдан ашык депозиттик эсепте 32,5 миң сомго талап кылынбаган каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине чегерилсин.
4. Электр энергиясын бекитилген ченемден ашыкча пайдалануусунун себептерин талдап, анын жыйынтыгы менен тиешелүү чара көрүү камсыздалсын.
5. “ТриА КейДжи” ЖЧКсы тарабынан аткарылган курулуш - куроо иштердин көлөмүнүн 14,4 миң сомго ашыруусу калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 31.12.2019-жылдагы №150-Б буйругу менен бекитилен “Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү бир этап менен сатып алууга стандарттуу конкурстук документтер” (3-бөлүк, 17-пункт) жана 2022-жылдын 17-майындагы №85-б буйругу менен бекитилген Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартибинин талаптарын (8-бөлүк, 2,5 пунктча) бузуу аркылуу подрядчыдан авanстык төлөмдү банктык кепилдик алынбай туруп, авансты‍к төлөмдөр которулуп берилген.

2. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесинин 4-пунктуна ылайык, берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуунун мөөнөтү, сунушту колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин 10 (он) жумуш күндөн кем эмес мөөнөткө жарактуу болууга тийиш.

Бирок Департамент тарабынан бир катар сатып алуу сынактарында системалуу түрдө мыйзам бузууларга жол берилген, тактап айтканда сунушту колдонуу мөөнөтү берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуунун мөөнөтү менен бир күн менен белгиленген.

3. Продукцияны мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн бланктарынын эсебин - "Бланкалык продукция" элементи боюнча запастардагы так отчеттуулук бланктары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобо бузулган (106 – пункуту).

Так отчеттук бланктары баланстан тышкаркы эсепте, мекеменин чарбалык ишинин алкагында кампадан жооптуу адамдарга берилген учурдан тартып, багыты боюнча таризделген (өткөрүп берилген) же эсептен чыгарылган учурга чейин эсепке алынгандыгы аныкталган.

**Сунуш: КР Саламаттык сактоо министрлигине**: 2022 – жылга карата бюджеттин аткарылышы боюнча аудиттин отчетунда көрсөтүлгөн финансылык жана башка бузууларга, ички контролдун жетишсиздигине жол

берген **Ооорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин** жетекчисинин, бухгалтердик учет жана отчеттуулук бөлүмүнүн начальнигинин жана жооптуу кызмат адамдарынын ээлеген кызмат орундарына ылайык келүүсү каралсын.

**Бишкек шаардык ден соолукту чыңдоо борбору боюнча:**

*Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2023-жылдын 30-октябрындагы №3/6706 катына ылайык Бишкек шаардык ден соолукту чыңдоо борборунда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 1-ноябрындагы №01-8/1465 каты менен министрликке жөнөтүлгөн.*

**Аныкталды/Корутунду:** Чыгымдар сметасында каралган каражаттар, статьялар боюнча:

- 2214 «Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» боюнча чыгашалар тартылган эмес, же каралган 78,7 миң сом боюнча план аткарылган эмес;
- 2215 «Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу» чыгашалары 11,7%га гана жумшалган, же 93,7 миң сом каралган, бирок факт жүзүндө 24,8 миң сомго гана аткарылган;
- 2231 «Коммуналдык кызматтар» чыгашасы 69,2%га гана аткарылган, же 53,4 миң сомго каралган план 37,0 миң сомго гана аткарылган.

Жогоруда көрсөтүлгөдөргө байланыштуу, чыгымдар пландалып, бирок факт жүзүндө чыгышалар жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Бюджеттик смета боюнча чыгымдарды негизсиз кароо жана бекитүү токтотулсун.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, Борбор тарабынан акы төлөнүүчү “Санитардык минимум” кызмат көрсөтүүлөрү – “Декреттештирилген контингентти гигиеналык окутуу, коомдук тамактанууну, коммуналдык чарба объекттерин гигиеналык жактан даярдоо” кызматтары көрсөтүлүп, мында бир бирдиктин баасы 55 сомду түзгөн.

Жогоруда аталган бирдиктүү реестрдин (тизмесинин) 79-пункутуна ылайык “Декреттештирилген контингентти гигиеналык окутуу кызматы” акысыз көрсөтүлүүгө тийиш болчу.

Аудит мезгилинде жогоруда аталган бирдиктүү реестрдин (тизмесинин) 79-пункутуна ылайык “Декреттештирилген контингентти гигиеналык окутуу кызматы” акысыз көрсөтүлүүгө тийиш болгондугуна байланыштуу, негизсиз алынган кирешенин суммасы 555,9 миң сомду жана 01.01.2023-жылдан 30.07.2023-жылга чейин 421,3 миң сомду түзгөн.

Борбор 2023-жылдын 30-июлундагы №12 буйругуна ылайык, 2023-жылдын 1-августунан тартып акы төлөнүүчү кызматтар акысыз көрсөтүлүүдө

деп белгилешет, бирок Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомуна ылайык, 2012-жылдын 20-ноябрындагы Кыргыз Республикасында жарандарды саламаттыкты сактоо менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасына таянуу менен, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр акысыз болушу керек болчу.

Буга байланыштуу, Борбор тарабынан акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар негизсиз чыгымдалган. Буйруктар одоно бузуулар менен түзүлгөн, тактап айтканда, атайын эсептен каржылык каражаттарды чыгымдоо боюнча буйруктарда акча каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ченемдик укуктук актыларга шилтемелер келтирилген эмес, Борбордун директорунун 2022-жылдын 11-январындагы №1 буйругу менен, жол билеттерин сатып алуу үчүн негизсиз жана кызматкерлердин тизмеси жок 1,0 миң сомдон чегерүү көрсөтүлгөн.

Аудит мезгилинде "Эмгек акы" жана "Социалдык фондго чегерүү" чыгаша статьялары боюнча атайын эсеп боюнча чыгашалар төмөнкү 4 гана кызматкерге жүйөлүү негизсиз 240,4 миң сомго жүргүзүлгөндүгү аныкталган, ошол эле учурда штатта 21 кызматкер болгон.

*сом*

| айлар | Акматалиева Н.К. Директор | Джаныбекова Н.Б. Специалист | Бакесариева А.М. Гл. бухгалтер | Абдиева М.К. Кассир |
|---|---|---|---|---|
| январь | 7 103,75 | 6 311,25 | 7 103,75 | 3 945,25 |
| февраль | 2 502,50 | 7 507,50 | 2 502,50 | 3 503,50 |
| март | 6 938,75 | 5 816,25 | 6 938,75 | 2 714,25 |
| апрель | 6 809,50 | 6 428,50 | 6 809,50 | 3 533,30 |
| май | 6 947,00 | 6 841,00 | 6 947,00 | 4 725,80 |
| июнь | 2 296,25 | 6 888,75 | 2 296,25 | 3 214,75 |
| июль | 1 584,00 | 5 752,00 | 1 584,00 | 2 217,60 |
| август | 2 362,25 | 7 086,75 | 2 362,25 | 3 307,15 |
| сентябрь | 3 019,50 | 9 058,50 | 3 019,50 | 4 227,30 |
| октябрь | 2 532,75 | 7 598,25 | 2 532,75 | 3 545,85 |
| ноябрь | 2 594,22 | 7 782,65 | 2 594,22 | 3 631,90 |
| жыйынтык: | 44 690,47 | 77 071,3 | 44 690,4 | 38 566,65 |
| бардыгы: | **240 363,96 (в т.ч. 35 345,00 по статье 2121)** | | | |

Аудит учурунда, аудитке 2023-жылдын 28-сентябрына карата акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн атайын эсепке түшкөн акча каражаттарынын калдыгы тууралуу маалымат талап кылынган. Маалымат берилбегендигине байланыштуу, 2023-жылдын 29-сентябрында документтерди берүүдөн баш тартуу жөнүндө акт түзүлүп, борбордун кызматкери М.К. Абдиева тарабынан "Infodocs" ЭДС 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 128 катталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун төмөнкү пункутарына ылайык:

11-пункт. *Акы төлөнүүчү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине ылайык түзүлөт.*

14-пункт. *Атайын эсептин каражаттарынын чыгымдары бюджеттик классификациянын беренелери боюнча жүргүзүлөт жана бөлүштүрүлөт. Атайын эсептин*

*каражаттары чыгымдарды жабууга, анын ичинде ишти камсыздоого жана жакшыртууга материалдык-техникалык базаны чыңдоого, кызматкерлердин социалдык-иш маселелерин жөнгө салууга, социалдык тиричиликтик маселелерди чечүүгө, кызматкерлердин ишине дем берүүгө жана сыйлоого жана башка иш-чараларга мыйзамдарга, ошондой эле ведомстволук актыларга жана жамааттык келишимге ылайык багытталат.*

18-пункт. *Бюджеттик мекемелердин атайын эсебинде топтолуучу каражаттарды түзүүдө жана пайдаланууда укук бузуулар табылган учурда, финансылык иш үчүн жоопкерчиликтүү болгон бюджеттик мекеменин жетекчиси жана кызматкери жеке жоопкерчилик тартат.*

*Атайын эсептин каражаттарын мыйзамсыз же максаттуу эмес пайдаланган фактылар табылган учурда, ордун толтуруу бул бузууларга жол берген кызматтык адамдардын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат.*

**Корутунду:**

1. Бирдиктүү реестрдин (тизмесинин) 79-пункутуна ылайык Декреттештирилген контингентти гигиеналык окутуу кызматы акысыз көрсөтүлүүгө тийиш болгондугуна байланыштуу, негизсиз алынган кирешенин суммасы 2022-жыл ичинде **555,9 миң сомду** жана 01.01.2023-жылдан 30.07.2023-жылга чейин **421,3 миң сомду** түзгөн.

2. Атайын эсептен каржылык каражаттарды чыгымдоо боюнча буйруктарда акча каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ченемдик укуктук актыларга шилтемелер келтирилген эмес, Борбордун директорунун 2022-жылдын 11-январындагы №1 буйругу менен, жол билеттерин сатып алуу үчүн негизсиз жана кызматкерлердин тизмеси жок **1,0 миң сомдон** чегерүү көрсөтүлгөн.

3. “Эмгек акы” жана “Социалдык фондго чегерүү” чыгаша статьялары боюнча атайын эсеп боюнча чыгашалар 4 гана кызматкерге жүйөлүү негизсиз **240,4 миң сомго** жүргүзүлгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама:** 977,3 миң сом суммасында негизсиз алынган кирешелер республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө калыбына келтирүү жагы каралсын.

**Аныкталды:** Аудиттин жүрүшүндө, “Эмгек акы” жана “Социалдык фондго чегерүүлөр” чыгымдар беренелери боюнча кирешелер жана чыгымдар сметасы негизсиз көбөйтүлгөнү жана бекитилгендиги аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы №182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө” жобонун 5-пункутуна ылайык, консолидацияланган эмгек акы төлөө фондунан үнөмдөөнүн эсебинен ЭКК төлөнөт.

Саламаттык сактоо уюмдарынын консолидацияланган эмгек акы төлөө фонду төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

- мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин каражаттарынан;
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына каршы келбеген башка каражаттардан.

Эмгек акыларды эсептөө жана төлөө, бюджеттик каржылоо боюнча гана жүргүзүлүшү керек болчу, штаттык жүгүртмө жана тарификация боюнча. Буга байланыштуу, 2022-жылга бюджеттик сметаны түзүүдө жана бекитүүдө Борбор тарабынан эмгекке катышуу коэффициентин (ЭКК) көбөйтүү менен негизсиз киргизилген. Төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн талдоо боюнча ЭКК - кошумча төлөм түрүндө 86%га, же жалпы **1682,8 миң сомго** чыгымдар төлөнгөн, анын ичинен: 2111 "Эмгек акы" чыгымдар беренеси боюнча 1 435,2 миң сомго, Соц.фондго чегерүүлөр – 247,6 миң сомго.

*сом*

| № | мезгил | Табель боюнча эсептелген | ЭКК | % |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Январь | 95 985,00 | 101 753,75 | 106 |
| 2 | Февраль | 106 155,00 | 94 417,25 | 89 |
| 3 | Март | 105 285,00 | 99 457,75 | 94 |
| 4 | Апрель | 166 354,40 | 112 054,60 | 67 |
| 5 | Май | 170 860,00 | 135 325,56 | 79 |
| 6 | Июнь | 147 314,46 | 120 399,51 | 82 |
| 7 | Июль | 152 499,80 | 131 089,12 | 86 |
| 8 | Август | 140 100,62 | 104 947,50 | 75 |
| 9 | Сентябрь | 149 233,12 | 128 975,42 | 86 |
| 10 | Октябрь | 142 424,31 | 123 966,93 | 87 |
| 11 | Ноябрь | 159 596,0 | 129 499,92 | 81 |
| 12 | Декабрь | 159 596,0 | 153 338,30 | 96 |
| | жыйынтыгы: | 1 695 403,71 | 1 435 225,61 | 85 |
| | Соц.фондго чегерүүлөр 17,25% | 292 457,14 | 247 576,42 | |
| | Бардыгы: | 1 987 860,85 | 1 682 802,03 | |

Мындан тышкары, ички буйруктар бузуу менен түзүлүп, ар бир кызматкерге ай сайын ишти айкалыштыргандыгы үчүн жалпы төлөм түрүндө - маянага карата 0,25 - 0,50 % чегинде төлөп турган (2111 "Эмгек акы" чыгымдар беренеси боюнча), анын жалпы суммасы **881,8 миң сомду** түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 167-беренесине ылайык, бир эле иш берүүчүдө эмгек келишиминде шартталган өзүнүн негизги жумушу менен катар башка адистикте, квалификацияда же кызмат орунунда негизги жумушунан бошотулбастан кошумча жумуш аткарган кызматкерге кесиптерди (кызмат орундарды) айкалыштырганы же убактылуу жок кызматкердин милдеттерин аткарганы үчүн кошумча акы төлөө жүргүзүлөт.

Кесиптерди (кызмат орундарды) айкалыштырганы же убактылуу жок кызматкердин милдеттерин аткарганы үчүн кошумча акылардын өлчөмдөрүн иш берүүчү кызматкер менен макулдашуу боюнча аныктайт, бирок айкалыштырылган иш боюнча ставканын (айлык акынын) отуз пайызынан аз болушу мүмкүн эмес.

**Корутунду:**

1. Борбор акы төлөнүүчү кызматтарды негизсиз көрсөткөн, кызматкерлерге эмгек акыларды эсептөө жана төлөө, бюджеттик каржылоо боюнча гана жүргүзүлүшү керек (штаттык жүгүртмө жана тарификация боюнча). Буга байланыштуу, 2022-жылга бюджеттик сметаны бекитүүдө Борбор тарабынан негизсиз көбөйтүлгөн, ошондой эле эмгек акы боюнча ЭКК-

кошумча төлөм түрүндө 86%га же жалпы **1682,8 миң сомго** чыгымдар төлөнгөн.

2. Ички буйруктар бузуу менен түзүлүп, ар бир кызматкерге ай сайын ишти айкалыштыргандыгы үчүн жалпы төлөм түрүндө - маянага карата 0,25 - 0,50 % чегинде төлөп турган (2111 “Эмгек акы” чыгымдар беренеси боюнча), анын жалпы суммасы **881,8 миң сомду** түзгөн.

**Сунуш: КР Саламаттык сактоо министрлигине**: 2022 – жылга карата бюджеттин аткарылышы боюнча аудиттин отчетунда көрсөтүлгөн финансылык жана башка бузууларга, ички контролдун жетишсиздигине жол берген **Бишкек шаардык ден соолукту чыңдоо борборунун** жетекчисинин, башкы бухгалтеринин жана башка жооптуу кызмат адамдарынын ээлеген кызмат орундарына ылайык келүүсү каралсын.

**Ыссык - Ата райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору боюнча:**

**Аныкталды/Корутунду:**

1. Аудиттелген мезгил аралыгында Борбор тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №374 токтому менен бекитилген эмгектин зыяндуу шарттарында иштегендерге сүттү жана ага тете башка тамак-аш азыктарын акысыз берүү эрежелеринин талаптарын бузуу менен «Тамак-аш азыктарына төлөмдөрдү компенсациялоо» беренеси боюнча сүттүн ордуна **418,6 миң сом** суммасы Борбордун кызматкерлеринин банктык карталарына которулуп берилген.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин 17-пункуту сакталбай, кассалык китепти жүргүзүүдө күн сайын иш күнүнүн аягында операциялык күндүн жыйынтыгы эсептелбейт жана кассир менен башкы бухгалтердин колу коюлбайт.

**Аныкталды:** 2023-жылдын 13-июлунда вакцина кампасына тандалма жол менен каттоодон өткөрүү (инвентаризация) жүргүзүлгөн. Каттоодон өткөрүүнүн жыйынтыгында вакциналардын жетишпедиги аныкталып, жалпы суммасы 8250,7 миң сомду түзгөн. Жооптуу кызматкердин түшүндүрмөсүнө ылайык вакциналар муздаткычтардын жакшы иштебей жатканына байланыштуу Республикалык Эмдөө борборуна жеткирилген. Бирок вакциналардын өткөрүп берүү жана Республикалык Эмдөө борбору тарабынан кабыл алуу иш кагаздары түзүлгөн эмес. *Аудит учурунда Республикалык Эмдөө борбору менен кабыл алуу иш кагаздары түзүлгөн.*

Ошондой эле, кампада 469 Альбендазол жетишпестик (652 сом) жана 800 Мебендазол (3088сом) ашыкча экендиги аныкталган.

Күйүүчү майдын калдыктарын текшерүүдө бухгалтердик эсеп боюнча калдык болгон эмес, бирок жооптуу кызматкерде 100 литр Аи-92 күйүүчү майдын (бензин) калдыгы болгон (5361 сом).

**Корутунду:** Борбордун башкы врачынын көзөмөлү жоктугунун натыйжасында аудит жүргүзгөн убакытта товардык - материалдык баалуулуктардын (вакциналардын) 8 250,7 миң сомго Республикалык Эмдөө борборуна өткөрүп берүү жана кабыл алуу иш кагаздары түзүлгөн эмес. Бухгалтердик эсепте ТМБдын **8,4 миң сомго** ашыкча экендиги жана **652 сомго** жетишпестиги аныкталган.

**Сунуштама:** 8,4 миң сомго ашыкча товардык - материалдык баалуулуктар бухгалтердик эсепке кириштелсин.

**Аныкталды:**

Жумуштарды аткарууга 2022-жылдын 26-февралындагы №2 келишим түзүлгөн, бирок жумуштарды кабыл алуу актысы 2022-жылдын 28-февралында түзүлүп, бир тараптуу аткаруучу тарабынан гана кол коюлган, бул жагдайга карабастан башкы эсепчи 426,5 миң сом акча каражатын толук которуп берген (келишимде акча каражаты кабыл алуу актысы кол коюлгандан кийин которулат деп белгиленген). Келишимде жумуштарды аткаруу мөнөөтү көргөзүлгөн эмес.

Курулуш иштерин инженердик-сметалык жана техникалык көзөмөлдөө кызматтарын, ошондой эле долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу боюнча кызматтарын курулуш жаатындагы атайын билими бар адис аткарган эмес.

2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР мыйзамынын 11-беренесинин 7-пунктун бузуу менен 2022-жылга сатып алуу планында “Транспорттук кызматтар” беренеси боюнча бюджет жана атайын каражаттардын эсебинен жалпы 1728,6 миң сом пландалган, ал эми иш түрүндө сатып алуулар “Транспорттук кызматтар” беренеси боюнча 2121,3 миң сомду түзгөн, пландан ашыкча сумма 392,7 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 23-беренесинин 4-пунктуна ылайык) лицензиялардын болушу каралган.

Баасын эң төмөн сунуштаган ЖЧК "Найт Вижн" – 400,0 миң сом конкурстук комиссиянын чечими менен, конкурстан 2021-жылдын бухгалтердик балансы жок деген себеп менен четтетилген, бирок көргөзүлгөн квалификациялык талаптарда, бухгалтердик баланс тапшырылсын деген талап коюлган эмес. 2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесинин 2-пунктун бузууга жол берилген. Ушул Мыйзамдын максаты сатып алуучу уюмдардын ишинин иштешин камсыз кылууга байланышкан мамилелерди жөнгө салуу аркылуу мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу болуп саналат.

№221111355940229 санду конкурс өткөрүүдө баасын эң төмөн сунуштаган ЖЧК "Эклипс Групп" - Көп функционалдуу басма жабдуу – 179,2 миң сом конкурстук комиссиянын чечими менен, конкурстан берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуучу берилген эмес деген себеп менен четтетилген, бирок берүүчү тарабынан көп функционалдуу басма жабдуу

ылайыктуу 7000 сомдук банк кепилдиги көргөзүлгөн. 2022-жылдын 14-апрелинде №27 бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 1-беренесинин 2-пунктун бузууга жол берилген.

**Корутунду:**

1. Сатып алуулар планында каралбаган **392,7 миң сомго** сатып алууга жол берилген.
2. Борбордун конкурстук комиссиянын чечимине байланыштуу **169,0 миң сомго** мамлекеттик ресурстар үнөмдүү эмес пайдаланууга жол берилген.
3. Берүүчүлөрдүн квалификациялык талаптарында Борбор лицензиялардын болушун талап кылган эмес.
4. Борбордун конкурстук комиссиянын чечимине байланыштуу мамлекеттик ресурстар үнөмдүү эмес пайдаланууга жол берилген.

**Сунуш: КР Саламаттык сактоо министрлигине**: 2022 – жылга карата бюджеттин аткарылышы боюнча аудиттин отчетунда көрсөтүлгөн финансылык жана башка бузууларга, ички контролдун жетишсиздигине жол берген **Ыссык - Ата райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун** жетекчисинин, башкы бухгалтеринин жана башка жооптуу кызмат адамдарынын ээлеген кызмат орундарына ылайык келүүсү каралсын.

## Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору боюнча

**Аныкталды:**

Бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылгандыгы аныкталган, Пенсиялык фондго чегерүүлөр - 8% жана МТПФ – 2%, 211 “Эмгек акы” беренесинен эмес, 212 “Социалдык керектөөлөр боюнча төгүмдөр/чегерүүлөр” беренесинен чыгышталган. Бул чегерүүлөр – чыгымдар 211 “Эмгек акы” беренесинен жүргүзүлүшү керек болчу, баардыгы болуп бузуулар 2 757,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:** Бюджеттик каражаттар **2 757,7 миң сомго** максатсыз пайдаланылган жана туура эмес эсеп жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** 2 757,7 миң сомго максатсыз пайдаланылган бюджеттик каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды:** 24.01.2004-жылдагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, жалданган кызматкерлердин, туруктуу же убактылуу жумушка, иш берүүчүнүн менчигинин түрүнө жана Кыргыз Республикасынын салык кызматынын органдарындагы каттоонун түрүнө карабастан аткарууга кабыл алынгандардын анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын пайдасына чегерилген төлөмдөрдүн бардык түрлөрүнөн ай сайын - 17,25 пайыз өлчөмүндө белгиленген.

№4 формадагы “Атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко” ылайык, Борбор эмгек акыны төлөмү 211 “Эмгек акы” беренесинен 5 742,2 миң сом суммасында жүргүзүлгөн. 212 “Социалдык керектөөлөр боюнча төгүмдөр/чегерүүлөр” беренесинен чегерүүлөр - 109,8 миң сомго, же 1,9%га толук көлөмдө эмес жүргүзүлгөн. Бул беренеден 990,6 миң сом, же 17,25% чегерилиши керек болчу, Социалдык фонддун бюджети 880,8 миң сомго, же 15,35% жеткире толук алган эмес.

Аудитке берилген маалыматтарга ылайык жогоруда көрсөтүлгөн 880,8 миң сом суммасы атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын “Социалдык керектөөлөр боюнча төгүмдөр/чегерүүлөр” беренесинен эмес, бюджеттик каражаттардын эсебинен чыгымдалган.

Мындан тышкары, бул 880,8 миң сом суммасы атайын каражаттар эсебинин социалдык чегерүүлөрү боюнча карыз катары эсеп боюнча көрсөтүлгөн эмес.

Жыйынтыгында, атайын каражаттар боюнча сметасынын “Социалдык керектөөлөр боюнча төгүмдөр/чегерүүлөр” беренесинин жогоруда көрсөтүлгөн 880,8 миң сом суммасындагы чыгымдарын бюджеттик каражаттардын эсебинен которуу менен бюджеттик каражаттардын ашыкча сарпталышына, эсептин туура эмес жүргүзүлүшүнө жана социалдык чегерүүлөр карыз катары эсеп боюнча көрсөтүлбөгөнүнө жол берилген.

**Корутунду:**

1. **880,8 миң сом** суммасы атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын “Социалдык керектөөлөр боюнча төгүмдөр/чегерүүлөр” беренесинен эмес, бюджеттик каражаттардын эсебинен чыгымдалган.
2. **880,8 миң сом** суммасы атайын каражаттар эсебинин социалдык чегерүүлөрү боюнча карыз катары эсеп боюнча көрсөтүлгөн эмес.
3. Атайын каражаттар боюнча сметасынын “Социалдык керектөөлөр боюнча төгүмдөр/чегерүүлөр” беренесинин жогоруда көрсөтүлгөн **880,8 миң сом** суммасындагы чыгымдарын бюджеттик каражаттардын эсебинен которуу менен бюджеттик каражаттардын ашыкча сарпталышына жана эсептин туура эмес жүргүзүлүшүнө жол берилген.

**Сунуштама:** Бюджеттик каражаттардын эсебинен сарпталган атайын каражаттар боюнча сметасынын 880,8 миң сом суммасындагы социалдык төгүмдөр чыгымдары республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/Корутунду:**

Кассалык аппарат боюнча накталай акча каражаттарынын көрсөткүчтөрүн алууда, жалпы **85** (сексен беш) сом суммасында ашык каражат аныкталган.

Тастыктоочу документтери жок **243,5 миң сомго** командировкалык чыгымдар эсептен чыгарылган. *Аудиттин жыйынтыгы менен аудит субъектиси көрсөтүлгөн бузууну калыбына келтирген (2024-жылдын 12-январындагы № 03/12 каты).*

**Сунуштама:** Аныкталган 85 (сексен беш) сом суммасындагы эсеп боюнча аныктальган ашыкча акча каражат кириштелсин.

**Аныкталды /Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97-беренесине ылайык, түнкү убактагы жумуштун узактыгы эмгек шарты үчүн зарыл учурларда (үзгүлтүксүз иштөөчү өндүрүштөрдө, уюмдарда жана башкаларда), ошондой эле 1 дем алыш күнү менен алты күндүк иш жумасындагы кезметтик жумуш күнү күндүзгүгө теңештирилет. Көрсөтүлгөн иштердин тизмеси жамааттык келишим, локалдуу ченемдик акты менен аныкталышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97-беренеси сакталбай, эки суткадан кийин иштеген санитардык-карантин пунктунун кызматкерлерине, тиешелүү эмгек акысынан тышкары кошумча түнкү убакта иштегендиги үчүн, жалпы **1 310,8 миң сом** суммасында негизсиз кошумча төлөө жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97-беренеси сакталбай, эки суткадан кийин иштеген санитардык-карантин пунктунун кызматкерлерине, тиешелүү эмгек акысынан тышкары кошумча түнкү убакта иштегендиги үчүн, жалпы 1 310,8 миң сом суммасында негизсиз кошумча төлөмдөргө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 90-беренесине ылайык, жумуш убактысынын ченемдүү узактыгы ушул Кодексте каралган учурларды кошпогондо жумасына 40 сааттан ашпоого тийиш, ошондой эле Эмгек кодексинин 99-беренесине ылайык, жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого тийиш. Жумуш убактысын эсепке алуу табелинде Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун санитардык-карантин пунктунун кызматкерлерине уруксат берилген 240 сааттан ашкандыгын көрсөткөн фактылар аныкталды.

**Корутунду:** Жумуш убактысын эсепке алуу табелинде Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун санитардык-карантин пунктунун кызматкерлерине уруксат берилген 240 сааттан ашкандыгын көрсөткөн фактылар аныкталды. Жалпы **2 682,8 миң сом** суммасында жумуш убактысын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары иштөө күнүнө кошумча төлөөлөр төлөнгөн, көрсөтүлгөн кошумча төлөөлөр орточо эмгек акыны көбөйтүүгө, ошондой эле эмгек өргүү төлөмдөрүн көбөйтүүгө алып келген.

**Сунуштама:** Жумуш убактысын эсепке алуу табелинде санитардык-карантин пунктунун кызматкерлерине 240 сааттан ашып, 2 682,8 миң сом суммасында кошумча төлөмдөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 31-пунктуна ылайык, саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө келип түшкөн атайын каражаттардын жалпы көлөмүнөн 40 пайызга чейин

жумшалат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №369 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому менен, 31-пункттагы "40" цифрасы "60" цифрасына өзгөртүлгөн.

Аудит мезгили ичинде Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда №4 формадагы атайын каражаттар боюнча мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, келип түшкөн каражаттар - 7872,3 миң сомду, эмгек акы боюнча чыгымдар - 5742,5 миң сомду түзгөн, бул болсо 2022-жылдагы келип түшкөн каражаттардан 72%ды түзгөн.

Аудит мезгили ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 31-пунктун бузуу менен, Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда атайын эсептин каражаттарынан 12% же 959,1 миң сом ашыкча чыгымдалган.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 31-пунктун бузуу менен, 60%тин ордуна 72% эмгек акы чыгымдалган, же атайын эсептин каражаттарынан эмгек акыга 12%, же **959,1 миң сомго** ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 31-пунктун бузуу менен, атайын эсептин каражаттарынан эмгек акыга 12% же 959,1 миң сомго ашыкча чыгымдарга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 4-тиркемесинин 11-пункту бузулуп, күйүүчү-майлоочу майлар боюнча лимиттен ашыкча 1 460,4 литр, же **89,7 миң сом** суммасын түзгөн.

**Сунуштама:** Күйүүчү-майлоочу майлар боюнча лимиттен ашыкча сарптоого жол берген жооптуу кызматкерлерге чара көрүлсүн.

**Аныкталды/Корутунду:**

1. Финансылык отчеттордо бир топ дал келбестиктер жана айырмалар аныкталды, бул болсо, аудит тарабынан так жана ишенимдүү баа берүү мүмкүн эмес. Бул айырмалар жана дал келбестиктер, финансылык маалыматтын талаптагыдай аныктыгын камсыз кылбайт.

2. Башкы бухгалтер даярдаган, берилген документтерде дебеттик калдыктар жөнүндө маалыматтардын болгонуна карабастан, балансsucc милдеттенмелер боюнча дебеттик жана кредиттик калдыктар тууралуу маалыматтар жок.

3. Аудит мезгили ичинде №4 формадагы “Атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетко” ылайык, кассалык жана факты жүзүндө чыгымдар 272,9 миң сомду түзгөн, бирок, 1С программасынан жүктөлгөн авансалык отчеттордун реестрине ылайык, авансалык отчеттордун суммасы 296,1 миң сомду, ал эми айырма **23,2 миң сомду** түзгөн.

Бухгалтердик эсеп четтөө менен түзүлөт, бул болсо бюджеттик мекеменин туура эмес финансылык отчеттуулугуна алып келет.

4. Финансы министрлигинин 25.12.2018-жылдагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун 59-пунктуна ылайык, Акча каражаттарын төлөө жүргүзүлө турган документтерге бюджеттик мекеменин жетекчисинин же анын милдетин убактылуу аткаруучунун, башкы бухгалтердин же анын орун басарынын колу коюлбаган болсо, ал документтер жараксыз деп эсептелет жана аткарууга кабыл алынбайт. Кассалык кириш ордери башкы бухгалтердин же анын орун басарынын жана кассирдин коюлган колу болгондо гана жарактуу. Бюджеттик мекеменин жетекчиси орун басарларына баштапкы документтерге кол коюу укугун ыйгарым укук берет.

Берилген маалыматтарга ылайык, Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбордун аудит мезгили ичиндеги авансалык отчетторуна аткаруучу, башкы бухгалтер, отчет берүүчү адамдар кол койгон эмес жана уюмдун жетекчилиги бекиткен эмес.

5. АИС Казна Бюджет боюнча отчеттордо жана коммуналдык кызматтар боюнча отчетто, балансta көрсөтүлгөн суммаларда олуттуу айырмалар аныкталды. Отчеттордогу айырмалар, ай сайынкы, жылдык отчетторду түзүү жана аудит үчүн берилген финансылык маалыматтардагы дал келбестиктерди жана туура эместиктерди билдирет.

Алсак, №2 форма “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө” жана № 4 форма “Атайын каражаттар боюнча чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө” отчеттору боюнча жылуулук энергиясы чыгымдарына 389,3 миң сом каралган, факт жүзүндө чегерилгени 348,8 миң сомду түздү.

Ошону менен бирге, отчеттук маалыматтарга ылайык, 2022-жыл ичинде жылуулук энергиясы үчүн 268,3 миң сом чегерилип, жыл башына карата 47,8 миң сом кредитордук карызды эске алуу менен, 316,1 миң сом суммасында каражат которулган (жылдын аягында карыз болгон эмес). Ошентип, отчеттор менен отчеттук маалыматтар боюнча айырма **73,2 миң сомду** түздү.

Ошондой эле, № 2 форма “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө” жана № 4 форма “Атайын каражаттар боюнча чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө” отчеттор боюнча электр энергиясы чыгымдарына 103,9 миң сом каралган, факт жүзүндө чегерилгени 67,5 миң сомду түздү.

Ошону менен бирге, 2022-жыл ичинде жылуулук энергиясы үчүн 115,2 миң сом чегерилип, жыл башына карата 27,7 миң сом кредитордук карызды эске алуу менен, 131,9 миң сом суммасында каражат которулган (жылдын аягында карыз 11,0 миң сом). Ошентип, отчеттор менен отчеттук маалыматтар боюнча айырма **28,0 миң сомду** түздү.

**Сунуштама:** АИС Казна Бюджет боюнча отчеттук маалыматтар менен коммуналдык кызматтар боюнча отчеттордогу айырмаларды, финансылык отчеттордогу айырмаларды, бузууларды жана кемчилдиктерди жоюу боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Сунуш: КР Саламаттык сактоо министрлигине**: 2022 – жылга карата бюджеттин аткарылышы боюнча аудиттин отчетунда көрсөтүлгөн финансылык жана башка бузууларга, ички контролдун жетишсиздигине жол берген **Транспорттогу мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунун** жетекчисинин, башкы бухгалтеринин жана башка жооптуу кызмат адамдарынын ээлеген кызмат орундарына ылайык келүүсү каралсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **А.Т. Байгазаков**

Башкы мамлекеттик жана мамлекеттик инспекторлор:
Н.А. Кайимов (аудит тобунун жетекчиси),
М.М. Калмуратов,
А.А. Шамшиев,
Ф.К. Мухажанова,
Жениш кызы Н.,
А.А. Аттокуров,
Турдубай уулу Т.,
Э.Т. Абдуллаев.